КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

---

## КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# О ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Бишкек - 2021

**Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

Бишкек – 2021

## МАЗМУНУ

1-глава. Жалпы жоболор. Жарандардын шайлоо укуктары ..................3
2-глава. Шайлоо комиссиялары жана шайлоо округу ..............................20
3-глава. Шайлоочулардын тизмелери.....................................................24
4-глава. Талапкердин, саясий партиялардын өкүлдөрү. Талапкерлердин статусу .......................................................................................................30
5-глава. Шайлоону маалыматтык камсыз кылуу.....................................41
6-глава. Добуш берүүнү уюштуруу жана анын тартиби ...........................56
7-глава. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо .......................................................................71
8-глава. Шайлоону каржылоо ..................................................................88
9-глава. Шайлоо эркиндигинин кепилдиктери.........................................97
10-глава. Президентти шайлоо...............................................................107
11-глава. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо................................118
12-глава. Корутунду жоболор ...................................................................133

# Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2011-жылдын 2-июлу №68*

*(КР 2011-жылдын 25-ноябрындагы №221, 2015-жылдын 23-апрелиндеги №88, 2017-жылдын 5-июнундагы №96, 2019-жылдын 8-августундагы №116, 2020-жылдын 30-июнундагы №68, 2020-жылдын 11-ноябрындагы №2, 2021-жылдын 15-июлундагы № 84, 2021-жылдын 26-августундагы №103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*(Преамбула КР 2021-жылдын 26-августундагы №103 Мыйзамына ылайык алып салынды)*

## 1-глава
## Жалпы жоболор. Жарандардын шайлоо укуктары

### 1-берене. Ушул конституциялык Мыйзамда пайдаланылуучу негизги терминдер

Ушул конституциялык Мыйзамда төмөнкү терминдер пайдаланылат:

**үгүт материалдары** - шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыган жана шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө көпчүлүккө таратууга, элге жарыялоого арналган басылма, укма-көрмө жана башка материалдар;

**жарандардын жигердүү шайлоо укугу** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо укугу;

**жакын туугандары** - жубайы, ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энесинин бирөө өгөй ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң ата-таяталар, чоң энелер-таенелер, неберелер;

**жарандардын шайлоо укуктарынын кепилдиктери** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын камсыз кылуунун уюштуруучулук, укуктук, маалыматтык жана башка каражаттары;

**мамлекеттик портал** - шайлоо участокторуу, райондор, шаарлар жана бүтүндөй республика боюнча электрондук форматтагы, мыйзамдарда белгиленген тартипте түзүлгөн жана актуалдашкан шайлоочулардын тизмелери жөнүндө маалыматты камтыган, шайлоо дарегинин (шайлоо участогунун номеринин) өзгөрүүсү тууралуу, жарандардын шайлоолорго жана референдумдарга катышуусу тууралуу маалымат киргизилген, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген идентификация жана аутентификация боюнча талаптарды сактоодо шайлоочуларга өздөрүнүн маалыматтарына тактоосуна жана өзгөртүүсүнө мүмкүндүк берген мамлекеттик органдын интернет-сайты;

**шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документ** - мыйзамдарда белгиленген Кыргыз Республикасынын жаранынын улуттук паспортторунун бардык типтери;

**мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамы** - туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча бийлик өкүлүнүн ишмилдетин жүзөгө ашыруучу же мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында уюштуруучулук-тескөөчүлүк, администрациялык-чарбалык, көзөмөлдөө-көзөмөлгө алуу ишмилдеттерин аткаруучу адам;

**катталган талапкер** - Кыргыз Республикасынын Конституциясында (мындан ары - Конституция), ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарга туура келген жана шайлоо аркылуу Президенттин, Жогорку Кеңештин депутатынын кызмат ордун ээлөөгө талапкер катары Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) катталган адам;

**шайлоочулар** - жигердүү шайлоо укугуна ээ, Кыргыз Республикасынын жарандары;

**ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар** - активдүү шайлоо укугуна ээ, жалпы шарттарда шайлоо укуктарын толук кандуу жүзөгө ашырууну чектөөгө алып келген угуу, көрүү, таяныч-кыймыл аппаратынын функциялары бузулган, оорулар, жаракаттардын же кемчиликтердин кесепеттери менен шартталган, организм функциялары туруктуу бузулган, ден соолугу начар Кыргыз Республикасынын жарандары;

**шайлоо документтери** - шайлоочулардын тизмелери, анык, анык эмес, пайдаланылбаган (жоюлган), бузулган (каталар менен толтурулган) бюллетендер, ошондой эле идентификациялоодон өткөнү жөнүндө чектер, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчёттор, автоматтык эсептөөчү урнанын нөлдүк жана жыйынтык отчеттору, шайлоо комиссияларынын протоколдору, алардын шайлоо

маселелери боюнча чечимдери, талапкерлердин, саясий партиялардын каттоо документтери, добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө жыйынды таблицалар;

**шайлоо комиссиялары** - Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштуруучу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну жана коргоону камсыз кылуучу коллегиялуу органдар;

**шайлоо мыйзамдары** - Кыргыз Республикасында шайлоо өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын жыйындысы;

**жарандардын шайлоо укуктары** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, анын ичинде талапкерлерди көрсөтүү, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү, шайлоону өткөрүүгө байкоо жүргүзүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнү жана шайлоонун натыйжаларын аныктоону кошуп алганда, шайлоо комиссияларынын ишине байкоо жүргүзүү, ошондой эле башка шайлоо аракеттерине катышуу укугу;

**шайлоону маалыматтык камсыз кылуу** - шайлоочуларды кабарландыруу жана жарандардын өз эркин аң-сезимдүү билдирүүсүнө, шайлоонун айкындуулугуна көмөктөшүүчү шайлоо алдындагы үгүт;

**шайлоочуларга маалымдоо** - шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын иши, шайлоо участоктору, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби, добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби жөнүндө маалыматтарды даярдоо жана таркатуу боюнча иш; талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (партиялар), алардын программалары жөнүндө, кайсыл бир талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (партияларга) артыкчылык бербеген жана тигил же бул талапкер, саясий партия үчүн же болбосо аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган расмий маалыматты даярдоо жана таратуу боюнча шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши;

**маалыматтык материал** - шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын иши, шайлоо участоктору, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби, добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби жөнүндө маалыматтарды камтыган басылма, көрмө-укма жана башка материалдар; шайлоо комиссияларынын жана жалпыга

маалымдоо каражаттарынын талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (саясий партиялар), алардын программалары жөнүндө, кайсыл бир талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (саясий партияларга) артыкчылык бербеген жана тигил же бул талапкер, саясий партия үчүн же аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган расмий маалымат;

**шайлоо дареги** - шайлоочунун ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте билдирилген, анын туруктуу жашаган жери болуп саналбаган, бирок ал добуш берүүнү каалаганын билдирген дареги;

**талапкер** - ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте шайлануу аркылуу ээленүүчү Президенттин кызмат ордуна жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер катары көрсөтүлгөн адам;

**шайлоочулардын контролдук тизмеси** - шайлоочулар тууралуу жана добуш берүү күнүнө чейинки 35 календардык күндө, шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилинде келип түшкөн шайлоочулардын арыздарынын негизинде жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр жөнүндө актуалдашкан маалыматты камтыган жана мамлекеттик порталда жарыялануучу, добуш берүү күнүнө 30 календардык күн калганда шайлоо участогуна илинүүчү шайлоочулардын тизмеси;

**эл аралык байкоочу** - мыйзамда белгиленген тартипке ылайык Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун атынан чыгуучу адам;

**байкоочу** - талапкер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия тарабынан, мыйзамда каралган тартипте шайлоону даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды санаого, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүү үчүн дайындалган адам;

**идентификациялоо боюнча жабдуу** - биометрикалык жана жекече маалыматтары боюнча шайлоочуну идентификациялоо аркылуу шайлоочуларды идентификациялоо үчүн арналган түзүлүш;

**коомдук байкоочу** - мыйзамдарда белгиленген тартипте шайлоону даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды санаого, шайлоонун жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес уюму (мындан ары - коммерциялык эмес уюм) тарабынан дайындалган адам;

**шайлоочулардын биротоло тизмеси** - шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилинде алардын арыздарынын негизинде бардык өзгөртүүлөр киргизилген, мамлекеттик порталда жарыялануучу

жана добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күн калганда шайлоо участокторуна илинүүчү шайлоочулардын такталган тизмеси;

**жарандардын пассивдүү шайлоо укугу** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу укугу;

**туруктуу жашаган жер** - жарандын тиешелүү документинде каттоо органдарынын белгиси менен бышыкталган, Кыргыз Республикасынын аймагында жашап турган жери;

**укук коргоо органдары** - ички иштер, улуттук коопсуздук, прокуратура органдары, бажы кызматы;

**шайлоочулардын алдын ала тизмеси** - жарандар өздөрүнүн маалыматтарын тактоо же шайлоо дарегин өзгөртүү үчүн мамлекеттик порталда жарыялануучу жана участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан илинүүчү, добуш берүү күнүнө чейин 80 календардык күн калгандагы абалы боюнча шайлоочулардын тизмеси;

**шайлоо алдындагы үгүт** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын, талапкерлердин, шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде маалыматтарды даярдоо жана таратуу боюнча талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын шайлоочуларды тигил же бул талапкерлер (талапкерлердин тизмелери) үчүн же аларга каршы добуш берүүгө түрткөн, же түртүү максаты бар же иштери;

**талапкердин, саясий партиянын өкүлү** - шайлоо комиссияларындагы өкүл, ыйгарым укуктуу өкүл, ишенимдүү адам, талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын атынан чыгуучу байкоочу;

**диний ишмер** - Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарга ылайык диний иштерди жүзөгө ашыруучу адам;

**талапкердин соттуулугу жөнүндө маалыматтар** - эгерде талапкер колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде кылмыш деп таанылган жосундары үчүн тиешелүү мыйзам актыларына ылайык соттолгон болсо, талапкердин соттолуусуна негиз берген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренесинин (беренелеринин) номерин (номерлерин) жана аталышын (аталыштарын), чет мамлекеттин мыйзамынын беренесин (беренелерин) көрсөтүү менен, талапкердин кайсыл бир учурда соттолгондугу же соттуулугунун жоктугу жөнүндө болгон же бар маалыматтар;

*(абзац КР 2021-жылдын 26-августундагы №103 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**шайлоочулардын тизмеси** - Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде электрондук жана кагаз түрүндө түзүлүүчү, даяр болуу деңгээлине жана арналышына жараша алдын ала, контролдук жана биротоло бүткөн болуп бөлүнүүчү, добуш берүү күнүндө жигердүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмеси;

*(абзац КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги №88 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**талапкерлердин тизмеси** - саясий партия көрсөткөн, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталган талапкерлердин бирдиктүү тизмеси;

**талапкердин катар номери** - талапкерлердин тизмесинде талапкерге ыйгарылган цифра;

**оператор** - участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү же болбосо Борбордук шайлоо комиссиясы ишке тарткан, шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө жарандарды идентификациялоо боюнча же добуш берүү күнү шайлоо участогунда автоматтык эсептөөчү урнаны тейлөө боюнча техникалык кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуучу адам;

**автоматтык эсептөөчү урна** - шайлоочулардын добуштарын автоматтык саноого арналган түзүлүш;

**туруктуу орнотулган үкөк** - добуш берүү үчүн тунук урна;

**добуш берүү үчүн үкөктөр** - автоматтык эсептөөчү урналар же туруктуу орнотулган үкөктөр;

**добуш берүү үчүн көчмө үкөк** - шайлоочунун добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүсү үчүн арналган үкөк;

**бузулуу** - автоматтык эсептөөчү урнанын, шайлоочуларды идентификациялоо жабдууларынын убактылуу ишке жөндөмдүүлүгүн жоготкондугу;

**интернет** - маалыматты сактоо жана берүү үчүн глобалдык (бүткүл дүйнөлүк) компьютердик тарам (бириккен компьютердик тарамдардын тутуму);

**интернет-басылма** - эгерде интернет-басылмага кирүүчүлөрдүн саны суткасына 500 уникалдуу кирүүчүдөн же айына 1000 уникалдуу кирүүчүдөн ашса, социалдык тарамдардагы интернет-блогдордон жана жеке адамдардын персоналдык барактарынан тышкары, жаңылыктык, маалыматтык-талдоочулук, көңүл ачуучулук жана башкача мүнөздөгү материалдарды камтыган, Кыргыз Республикасында администрацияланган (модернизацияланган) же

Кыргыз Республикасынын жарандары жана (же) юридикалык жактары ээлик кылуучулары болуп саналган, интернет тарамына кирүүчүлөрдүн эркин кирүүсүнө мүмкүнчүлүк берген интернет сайт (портал, форум);

**уникалдуу кирүүчү же уникалдуу IP-дареги бар кирүүчү** - уникалдуу мүнөздөмөлөргө ээ жана интернет-басылмага белгилүү бир убакыттын аралыгынын ичинде кирип турган, кайталангыс пайдалануучу;

**бир мандаттуу шайлоо округу (бир мандаттуу шайлоо округу)** - Жогорку Кеңештин бир депутаты шайлануучу шайлоо округу;

**бирдиктүү республикалык шайлоо округу (бирдиктүү шайлоо округу)** - саясий партиялар көрсөткөн талапкерлердин тизмелери боюнча Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо боюнча өзүнө Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыган шайлоо округу;

**жергиликтүү жамааттын мүчөсү** - бир мандаттуу шайлоо округунун курамына киргизилген тиешелүү айыл аймагында, шаарда туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү добуш берүү күнүнө чейинки 90 күндөн кем эмес мөөнөттө жарандын паспортунда, паспорттун тибинде жазылган жашаган жерин каттоо жөнүндө белги же болбосо Кыргыз Республикасынын Улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринде (УПМР) жашаган жеринин дарегин каттоо менен аныкталат.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### 1-1-берене. Жөнгө салуу предмети

Ушул конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашыруу тартибин жана алардын кепилдиктерин, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо тартибин аныктайт жана шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

*(КР 2021-жылдын 26-августундагы №103 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 2-берене. Жарандардын шайлоого катышуу принциптери

1. Кыргыз Республикасында шайлоо жашыруун добуш берүү менен, жалпыга тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында шайлоо республиканын жарандарынын

өздөрүнүн шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашырууларына негизденет. Жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында, ошондой эле өз эрктерин эркин билдирүүлөрүндө аларга таасир тийгизүүгө эч кимдин укугу жок.

2. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган же анын чегинен тышкары жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары, ушул конституциялык Мыйзамга ылайык шайлоо укуктарына ээ болот.

Шайлоо мезгилинде анын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктары, өздөрүнүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери аркылуу, тышкы иштер маселелерин алып барган мамлекеттик орган тарабынан камсыз кылынат.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары аккредитациялоочу өлкөнүн тиешелүү органдары менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын тышкы иштер чөйрөсүндөгү мамлекеттик органынын сунушу боюнча түзүлгөн шайлоо участокторунда, эреже катары, Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемелеринин аймагында добуш беришет.

3. Аялдарга эркектер менен бирдей Президенттин кызматына жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайлануу укугун ишке ашыруунун тең мүмкүнчүлүктөрү камсыз кылынат.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**3-берене. Жалпыга бирдей шайлоо укугу**

1. Кыргыз Республикасынын 18 жашка чыккан жараны шайлоого, ал эми Конституцияда жана ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген жашка жеткенде - мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары тегине, жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, майыптыгына, билимине, кызматтык жана мүлктүк абалына, тутунган динине, саясий жана башка ишенимдерине карабастан шайлоого, шайланууга укуктуу.

3. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого, шайланууга укуксуз.

4. Соттолгондугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган

адамдар Президенттин кызматына жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланууга укуксуз.

5. Жарандар ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарды сактоодо шайлоого жана шайланууга өз укуктарын ишке ашырышат.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-берене. Тең шайлоо укугу**

Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасында шайлоого тең негиздерде катышат.

**5-берене. Тикелей шайлоо укугу**

Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз өкүлдөрүн түздөн-түз шайлайт.

**6-берене. Жашыруун добуш берүү**

Кыргыз Республикасында шайлоодо добуш берүү, жарандардын эркин билдирүүлөрүн кандайдыр бир көзөмөлдөө мүмкүндүгүн болтурбайт, жашыруун болуп саналат.

Добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-берене. Шайлоонун милдеттүүлүгү жана мезгилдүүлүгү**

1. Президенттин жана Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү Конституцияда белгиленет.

2. Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо милдеттүү болуп саналат жана мезгил-мезгили менен Конституцияда белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын бардык аймагында өзгөчө же аскердик абал киргизилген учурда шайлоо өткөрүлбөйт.

**8-берене. Шайлоо жүрүмүндөгү айкындуулук**

1. Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү айкын жана ачык жүзөгө ашырылат.

2. Тиешелүү шайлоо комиссиясынын жыйналыштарына жогору турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, талапкерлер, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, ошондой эле байкоочулар, эл аралык байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышууга укуктуу.

3. Добуш берүүнүн жүрүшүнө жана жыйынтыктарына байкоо жүргүзүү үчүн төмөн турган шайлоо комиссияларынан жогору турган шайлоо комиссияларына протоколдордун маалыматтарын берүү жолу менен шайлоо маалыматтык тутуму пайдаланылат. Шайлоо маалыматтык тутум аркылуу алынган добуш берүүнүн жүрүшү жана жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар юридикалык мааниге ээ эмес, алдын ала маалыматтар болуп саналат. Шайлоо маалыматтык тутумун пайдалануунун тартиби Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) тарабынан аныкталат.

**9-берене. Байкоочу**

1. Талапкер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, мыйзамдарда белгиленген тартипте, шайлоого даярдык көрүүгө, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды саноого, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруучу байкоочу дайындоого укуктуу.

Талапкер, саясий партия ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашык эмес байкоочу дайындай алат, алар добуш берүүнү өткөрүүгө жана добуш берүү үчүн жайдагы башка шайлоо аракеттерине кезектешип байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат. Шайлоо комиссиясынын жайында, добуш берүү үчүн жайда катталган бир талапкердин, бир саясий партиянын кызыкчылыктарын билдирүүчү эки же андан көп байкоочунун бир убакта байкоочунун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууларына жол берилбейт.

2. Байкоочу ушул конституциялык Мыйзамда каралган байкоочунун укуктарына жана милдеттерине, тиешелүү шайлоо комиссиясына, аны дайындаган талапкерден же талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиядан жолдомо келип түшкөндөн кийин ээ болот. Жолдомодо байкоочунун фамилиясы, аты жана атасынын аты, жашаган жери, ал жиберилген шайлоо участкаларынын номурлары, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле анда ушул берененин 3-бөлүгүндө каралган чектөөлөрдүн жок экени тууралуу

жазуу жазылат. Жолдомо паспортту же аны алмаштыруучу документти көрсөткөндө жарактуу, талапкердин койгон колу болгондо же саясий партиянын мөөрү коюлганда жарактуу болуп эсептелет. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

3. Жигердүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары байкоочу болууга укуктуу.

Төмөнкүлөр байкоочу болууга укуксуз: Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү; талапкердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү; судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматчылары, аскер кызматчылары.

4. Байкоочу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

4) шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясында турган шайлоочулардын тизмеси менен, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) добуш берүү күнү сутканын каалаган убагында добуш берүүчү жайда болууга;

7) шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүлөрүнө катышууга;

8) көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин баяндоого, билдирүү жасоого;

9) ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана болбосун шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болууга;

10) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан, ушул

конституциялык Мыйзамда белгиленген уюштуруу жана добуш берүү тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендеринин берилишине байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын добуштарын саноодо толтурулган же толтурулбаган кандай болбосун шайлоо бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду жана башка документтерди түзүүлөрүнө байкоо жүргүзүүгө;

11) өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал эми ал жокто - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сунуштар жана сын пикирлер менен кайрылууга;

12) ал өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

13) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

14) өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга;

15) тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра саноого катышууга;

16) өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, талапкердин аты жана фамилиясы же аны шайлоо комиссиясына жиберген уюмдун аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө;

17) шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга тоскоол болбостон, жеке өзү фото-, көрмө тартууга, укма жазууну жүргүзүүгө.

5. Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, шайлоочу үчүн шайлоо бюллетендерин алганына кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча, ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылуучу аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;

8) тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга.

6. Байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдарында жөнгө салынат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-берене. Эл аралык байкоочулар**

1. Эл аралык байкоочулар шайлоо дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жиберилген чакыруу болгондо, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитацияланат. Чакырууларды жиберүү жөнүндө сунуштар шайлоо мыйзамдары жана шайлоо маселелери боюнча, ошондой эле адам укуктарын коргоо жаатында адистешкен эл аралык жана улуттук коммерциялык эмес уюмдар тарабынан берилиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын жарандары эл аралык байкоочулар катары аккредитацияланышы мүмкүн эмес.

2. Эл аралык байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Борбордук шайлоо комиссиясы аны аккредитацияланган күндөн тартып башталат жана шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

3. Эл аралык байкоочулар ары-бери эркин жүрүүгө жана каалаган шайлоо участокторунда жана шайлоо комиссияларында болууга укуктуу.

4. Эл аралык байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин көпчүлүк алдында баяндоого;

2) басма сөз-жыйындарын өткөрүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кайрылууга;

3) шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн жашыруундуулугун бузбастан фото-, көрмө тартууну, укма жазууну жүзөгө ашырууга;

4) өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, ал атынан чыккан уюмдун аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө;

5) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамдарын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

6) шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

7) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

8) шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга.

5. Эл аралык байкоочулар өз статусун, шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүүгө байланышпаган ишти жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланууга укуксуз.

6. Эл аралык байкоочу ушул конституциялык Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы анын аккредитациясын чакырып алууга укуктуу.

7. Эл аралык байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-1-берене. Коомдук байкоочулар**

1. Коммерциялык эмес уюмдар өздөрүнүн уставдарында белгиленген тартипте, шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышуу жана өздөрүнүн коомдук байкоочуларын жиберүү тууралуу чечим кабыл алууга укуктуу.

2. Коомдук байкоочунун ыйгарым укуктары ушул коомдук байкоочу кызыкчылыктарын билдирүүчү коммерциялык эмес уюмдун мөөрү менен ырасталган жазуу жүзүндөгү жолдомодо аныкталууга тийиш. Жолдомодо коомдук байкоочунун фамилиясы, аты-жөнү, анын жашаган жеринин дареги, байкоочу жиберилген шайлоо участогунун номуру, комиссиянын аталышы көрсөтүлөт, ошондой эле ушул берененин 4-бөлүгүндө каралган чектөөлөрдүн жоктугу тууралуу жазуу кылынат. Жолдомо коомдук байкоочу Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун, ошондой эле коммерциялык эмес уюмдун шайлоого байкоо

жүргүзүүгө катышуу жөнүндө чечиминин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн көрсөткөндө жарактуу болот.

Шайлоого байкоону жүзөгө ашырууга ниеттенген коммерциялык эмес уюм, коммерциялык эмес уюмду мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсүн тиркөө менен, Борбордук шайлоо комиссиясына, аймактык шайлоо комиссиясына билдирме жөнөтөт. Борбордук шайлоо комиссиясы, аймактык шайлоо комиссиясы шайлоого жарандык мониторинг жүргүзүү ниетин жарыялаган коммерциялык эмес уюмдардын тизмегин участкалык шайлоо комиссияларына жөнөтөт.

3. Коомдук байкоочулар ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтерди көрсөткөндө, тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан катталат. Шайлоо комиссияларынын алдында коомдук байкоочуларды каттоонун шарттары жана тартиби, каттоо жөнүндө документтин формасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

Коммерциялык эмес уюм ар бир шайлоо комиссиясында үчтөн ашпаган коомдук байкоочуну каттата апат. Ошол эле учурда бир шайлоо участогунда бир эле убакта бир коммерциялык эмес уюмдан бир гана коомдук байкоочу боло алат.

4. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчы, шайлоо комиссиясынын мүчөсү, талапкердин, талапкерлердин тизмесин киргизген саясий партиянын өкүлдөрү жана байкоочулары, судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматчылары шайлоо комиссияларында коомдук байкоочу болуп дайындала алышпайт.

5. Коомдук байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган күндөн тартып башталат жана шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

6. Коомдук байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

4) шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясында турган шайлоочулардын тизмелери, добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен, тиешелүү шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) добуш берүү күнүндө добуш берүү үчүн жайда сутканын кандай болбосун убагында болууга;

7) шайлоочулардын добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүсүндө катышууга;

8) көпчүлүккө, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өз пикирин баяндоого, шайлоонун даярдалышы жана өткөрүлүшү жөнүндө билдирүү жасоого;

9) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнү уюштуруунун жана добуш берүүнүн ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендерин берүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө кандай болбосун толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдун жана башка шайлоо документтеринин түзүлүүсүнө байкоо жүргүзүүгө;

10) өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал болбогон учурда - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сын-пикирлер жана сунуштар менен кайрылууга;

11) өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

12) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана аларга тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

13) тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра саноого катышууга;

14) шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү аны шайлоо комиссиясына жөнөткөн уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;

15) шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашырындуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыгын

чыгарууга тоскоол болбостон жеке өзү фото-, көрмө тартууга, укма жазууну жүргүзүүгө;

16) ушул березенин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн талаптарды сактоо менен, ал катталган шайлоо участокторунда эркин жүрүүгө жана болууга.

7. Коомдук байкоочулар төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;

8) тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечимдерди кабыл алуусуна катышууга.

8. Коомдук байкоочулар өз статусун шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүүгө байланышпаган ишти жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланууга укуксуз.

9. Коомдук байкоочу ушул конституциялык Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда, тиешелүү шайлоо комиссиясы коомдук байкоочунун каттоосун жокко чыгарууга укуктуу.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**11-берене. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү**

1. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жазуу жүзүндө билдирме келип түшкөндөн кийин, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитацияланат.

2. Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү маалыматтык чагылдырууга катышуучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

2) шайлоо комиссиясынын протоколдору менен таанышууга;

3) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана аларга тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

4) шайлоого даярдык көрүү мезгилинде, ал эми добуш берүү күнү шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө жана добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууга тоскоол болбостон, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото- жана көрмө-тартууну жүзөгө ашырууга;

5) өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, алар атынан чыккан уюмдардын аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө.

3. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлүнүн талабы боюнча шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу же шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдун көчүрмөсүн күбөлөндүрүп берүүгө милдеттүү.

4. Жалпыга маалымдоо каражаты шайлоо мыйзамдарын бузган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы анын аккредитациясын чакыртып алууга укуктуу.

5. Жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлүнүн шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилиндеги иштери шайлоо мыйзамдарында жөнгө салынат.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 2-глава
## Шайлоо комиссиялары жана шайлоо округу

### 12-берене. Шайлоо комиссиялары

1. Шайлоо комиссиялары Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат, Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну жана коргоону камсыз кылат.

2. Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү тутумун төмөнкүлөр түзөт:

1) Борбордук шайлоо комиссиясы;

1-1) округдук шайлоо комиссиялары;

2) аймактык шайлоо комиссиялары;

3) участкалык шайлоо комиссиялары.

3. Шайлоо комиссиялары өз ишин төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырат:

1) мыйзамдуулук;

2) айкындык;

3) ачыктык;

4) көз карандысыздык;

5) коллегиалдуулук;

6) адилеттүүлүк;

7) калыстык.

4. Шайлоо комиссияларынын укуктук абалы, ишин уюштуруу жана иш тартиби, ошондой эле көз карандысыздыгынын кепилдиктери шайлоо комиссияларынын иш тартибин жөнгө салуучу мыйзамда, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында, ушул конституциялык Мыйзамда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленет.

5. Округдук шайлоо комиссиялары Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине Борбордук шайлоо комиссиясы аныктаган тартипте, тиешелүү шайлоо округдарында иштеп жаткан тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ичинен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлөт.

Округдук шайлоо комиссиялары өз ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангандан кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча токтотот.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**13-берене. Шайлоо округу**

1. Президенттик шайлоону өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагы шайлоо округу болуп саналат.

1-1. Саясий партиялар көрсөткөн талапкерлердин тизмелери боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоолорду өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагы бирдиктүү шайлоо округу болуп саналат.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо күнү дайындалгандан кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен берилүүчү маалыматтардын негизинде түзүлүүчү шайлоо округдарында жүзөгө ашырылат.

1-2. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо дайындалган күндөн кийин 7 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чектерин, ар бир шайлоо округуна кирген калктуу конуштардын (көчөлөрдүн, үйлөрдүн) тизмегин, ар бир шайлоо округунун номерин жана борборун, ар бир шайлоо округундагы шайлоочулардын санын түзөт жана бекитет.

1-3. Шайлоо округдарын түзүүдө төмөнкү талаптар сакталууга тийиш:

- шайлоо округдарынын шайлоочулардын саны боюнча бол жолдуу теңдиги, мында шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен 20 пайыздан ашпаган четтөөгө жол берилет;

- шайлоо округу бирдиктүү аймакты түзөт, шайлоо округун өз ара чектешпеген аймактардан түзүүгө жол берилбейт.

1-4. Ушул берененин 1-3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн талаптарды сактоодо, эреже катары, республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү эске алынат.

1-5. Шайлоо округдарынын тизмелери, алардын чектери жана округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын даректери көрсөтүлүү менен, алардын графикалык сүрөттөлүшүн кошуп алганда, округдар бекитилген күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялануга тийиш.

1-6. Шайлоо округдарын жана чектерин, шайлоо комиссияларынын жайгашкан жерлеринин схемаларын өзгөртүү округдук шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча жүзөгө ашырылат.

2. Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жашаган шайлоочулар бирдиктүү шайлоо округуна катталган болуп эсептелет.

3. Добуш берүүнү өткөрүү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө үчүн шайлоо участкалары шайлоочулар үчүн эң жогорку ыңгайлуулуктарды түзүү максатында жергиликтүү жана башка шарттарды эске алуу менен түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн шайлоочулардын добуш берүүсүн өткөрүүнү жана добуштарды эсептөөнү уюштуруу үчүн шайлоо участоктору аккредитациялоочу өлкөнүн тиешелүү органдары менен макулдашуу боюнча, тышкы иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын сунушу боюнча, эреже катары, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелеринин аймагында түзүлүшү мүмкүн.

4. Шайлоо участоктору тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан, 5 жылдык мөөнөткө, эреже катары, ар бир участокто 2500дөн ашпаган шайлоочу эсебинде түзүлөт. Шайлоо участокторунун чек араларын башкаруу Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тартиптин негизинде жүзөгө ашырылат. Шайлоо участокторунун тизмеги жана алардын чек арасы аймактык шайлоо комиссияларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча, аларды түзүү үчүн каралган тартипте такталууга тийиш.

Жарандардын шайлоо укуктарын, анын ичинде убактылуу жүргөн жериндеги шайлоо дареги боюнча добуш берүү укугун ишке ашырууну камсыз кылуу, шайлоочулар үчүн максималдуу ыңгайлуулукту түзүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан кошумча шайлоо участоктору түзүлүшү мүмкүн.

Кошумча шайлоо участоктору шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине гана түзүлөт жана иштейт. Алар төмөнкү учурларда түзүлөт:

- ошол аймакта убактылуу жүргөн жана добуш берген жери боюнча туруктуу жашаган жери жок шайлоочулардын саны көп болсо;

- жакын жайгашкан шайлоо участокторундагы шайлоочулардын саны ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоочулардын санынан ашып кетсе.

Шайлоочулардын санына тийиштүү ушул бөлүктүн биринчи абзацынын жобосу Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары шайлоо участокторун түзүүдө колдонулбайт.

Эгерде Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жашаган же жүргөн бир аймактагы шайлоочулардын саны ушул бөлүктүн биринчи абзацында белгиленген шайлоочулардын санынан ашса, тышкы иштер маселелерин тейлеген органдын сунушу боюнча жана аккредитацияланган өлкөнүн компетенттүү органдарынын макулдугу

боюнча бир жайда эки же андан ашык шайлоо участоктору түзүлүшү мүмкүн.

5. Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча шайлоо участкаларынын схемасын жана чек araларын карайт жана бекитет жана алар бекитилген күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен, аларды чек араларын жана даректерин көрсөтүү менен жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялайт жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн шайлоо участоктору жөнүндө маалымат алар бекитилген күндөн баштап 5 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин жана аккредитацияланган чет өлкөдөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүктөрүнүн сайттарында жайгаштырылат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 3-глава
## Шайлоочулардын тизмелери

### 14-берене. Шайлоочулардын тизмелерин түзүү

1. Шайлоочулардын укуктарын ишке ашыруу, шайлоочуларды өздөрү жөнүндө маалыматтар менен тааныштыруу, ошондой эле добуш берүүнү өткөрүү максатында ар бир шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмеси түзүлөт.

2. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоолордо шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ жана мыйзамдарга ылайык биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо добуш берүү күнүнө активдүү шайлоо укугуна ээ, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоочулардын тизмесине киргизилет.

Шайлоону даярдоо мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана калкты каттоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын (мындан ары - ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) чечими боюнча жарандарды биометрикалык каттоо, анын ичинде, Кыргыз Республикасынын аэропортторунун, темир жол бекеттеринин аймагында да жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

3. Шайлоочулардын тизмесин түзүү Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринде камтылган жекече (анын ичинде биометрикалык) маалыматтардын негизинде, шайлоо участокторунун чектерин эске алуу менен жүргүзүлөт.

Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестрин түзүүнү, сактоону жана актуалдаштырууну ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүзөгө ашырат.

4. Шайлоочулардын алдын ала тизмеси курагы 18 жашка жеткен, биометрикалык маалыматтарын тапшырган жарандар жөнүндө маалыматтарды Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринен автоматтык жүктөп алуу жолу менен жана шайлоо участокторунун чегин эске алуу менен түзүлөт.

Шайлоочулардын алдын ала тизмеси добуш берүү күнүнө чейин 80 календардык күн калганда шайлоочулардын мамлекеттик порталында участоктор, райондор жана шаарлар боюнча, шайлоочунун туруктуу же иш жүзүндө жашаган жери, туулган күнү жөнүндө маалыматтарысыз, таанышуу жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү түрдө тактоо, тизмедеги каталарды жана так эместиктерди аныктоо үчүн жайгаштырылат.

5. Добуш берүү күнү стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде, шектүүлөр жана айыптуулар катары кайтарууда кармоочу жайларда, иш цикли үзгүлтүксүз ишканаларда (вахталык иштерде) болгон шайлоочулар, мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары, аскер бөлүктөрүндө жашаган аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана башка адамдар жөнүндө маалыматтар аталган мекемелердин (ишканалардын, аскер бөлүктөрүнүн) жетекчилери тарабынан түзүлөт жана добуш берүү күнүнө чейин 12 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына өткөрүп берилет.

Стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде, шектүүлөр жана айыптуулар катары кайтарууда кармоочу жайларда жүрүшкөн шайлоочуларды, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды эсепке алуу үчүн, жогоруда көрсөтүлгөн мекемелер карамагында турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ошондой эле социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата көрсөтүлгөн

шайлоочулардын анык саны жөнүндө маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына берип турууга милдеттүү.

6. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) эсепке турган жана биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочулар жөнүндө маалыматтар тиешелүү дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин жетекчилери тарабынан түзүлүп, тышкы иштер маселелерин тейлеген мамлекеттик орган аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясына добуш берүү күнүнө чейин 85 календардык күндөн кечиктирбестен өткөрүп берилет.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) каттоого турган шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды берүүнүн формасын, түрүн жана тартибин тышкы иштер маселелерин тейлеген мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы аныктайт.

Добуш берүү күнү Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн шайлоочу ушул конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинде белгилеген тартипте арыз берүү жолу менен жашаган же турган жериндеги шайлоо дареги боюнча добуш берүүгө ниеттенгендиги тууралуу билдирүүгө укуктуу.

10. Катталган талапкерлерге, катталган талапкерлерди көрсөткөн саясий партияларга эфир убактысын, басылма аянтын берген телерадио уюмдар жана мезгилдүү басма сөздүн редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) алардын көлөмүнө жана баасына, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген эсеп жүргүзүү таризине жана тартибине ылайык, өзүнчө эсеп жүргүзүүгө милдеттүү. Мындай эсептин маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт мезгилинде ар 10 күн сайын жана добуш берген күндөн кийинки 10 күндүк мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**25-берене. Басылма жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылма аркылуу шайлоо алдында үгүт жүргүзүү**

1. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан расмий билдирүүлөрдү жана материалдарды, ченемдик жана башка актыларды жарыялоо үчүн гана уюштурулган басылмаларды кошпогондо, ушул конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонулушуна туш келген мезгилдүү басылма жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле интернет-басылма талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген материалдар үчүн тең шарттарда А4 өлчөмүндө бир беттен кем эмес акысыз басылма же тиешелүүлүгүнө жараша электрондук аянтын бөлүп берүүгө тийиш. Адистештирилген (балдар, техникалык, илимий жана башка) басма сөз же интернет-басылмалары үчүн шайлоо өнөктүгүнө кандай гана түрдө болбосун толук катышпаган шартта, кандай гана таризде болбосун үгүт материалдарын жарыялоодон баш тартууга жол берилет.

2. Талапкерлерге, саясий партияларга басма же интернет аянттарын берген мезгилдүү басылмалар менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга басма же электрондук аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма же электрондук аянтынын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**26-берене. Көпчүлүк катышкан иш чараларды өткөрүү аркылуу шайлоо алдында үгүттөө**

1. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талапкерлерге, саясий партияларга, чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, көпчүлүк катышкан иш чараларды өткөрүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү.

2. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жайларды бөлүп берүү жөнүндө арыздары, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алар берилген күнү каралат.

Талапкерге, саясий партияга шайлоочулар менен жолугушуу үчүн жай бөлүп берүүдөн баш тартылган учурда, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү жүйөлүү чечимди берүүгө милдеттүү.

Эгерде көрсөтүлгөн жай көпчүлүк катышкан иш чараларды өткөрүү үчүн талапкерлердин бирине, саясий партиялардын бирине берилген учурда, ошол эле жайды башка талапкерге, башка саясий партияга берүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

3. Мамлекеттик же муниципалдык менчикте, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын балансында турган жайлар талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, алардын ишенимдүү адамдарынын, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн шайлоочулар менен жолугушуусу үчүн бирдей шарттарда берилет.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**27-берене. Басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу**

1. Талапкерлер, саясий партиялар басма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чыгарууга жана таратууга укуктуу. Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары даярдоого тыюу салынат. Басма жана башка үгүт материалдарынын нускалары же алардын көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Талапкерлер, саясий партиялар жалпы нускасынын бир пайызынан аз эмес саны ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн окуганга ыңгайлуу чоңойтулган арипте, сурдокотормону же субтитрди колдонуу, ошондой эле Брайль арибин же атайын каражаттарды колдонуу менен басылып чыккан үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

2. Бардык басылма жана үгүт материалдары үгүт материалдарын даярдаган уюмдун, жеке ишкердин аталышын жана дарегин (фамилиясын, аты-жөнүн), үгүт материалдарын даярдоого табыштама берген талапкердин фамилиясын, аты-жөнүн, саясий партиянын аталышын, алардын чыгарылган нускасы жана датасы жөнүндө маалыматты, аларды жасоого тиешелүү шайлоо фондунан акы төлөө жөнүндө маалыматты, ошондой эле талапкердин же талапкердин, саясий партиянын табыштамага акы төлөгөн финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, аты-жөнүн камтуусу тийиш. Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын тара-тууга тыюу салынат.

Тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала төлөбөстөн жана ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу менен шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо дайындалган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде ар бир шайлоо участогунда үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды бөлүүгө жана жабдууга милдеттүү. Талапкерлерге, саясий партияларга үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей шарттар камсыз кылынышы керек. Мындай жайлар шайлоочулардын келүүсүнө ыңгайлуу болуп, шайлоочулар аларга жайгаштырылган маалыматтар менен тааныша ала тургандай жерде болуусу керек. Катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмелерине шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей аянттар берилүүгө тийиш. Бөлүнгөн орундун аянты аларда шайлоо комиссиясынын маалыматтык материалдарын, талапкерлердин, саясий партиялардын

шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү болушу керек. Талапкерлер, саясий партиялар тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынан шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бөлүнгөн жерлердин тизмесин алууга укуктуу.

4. Үгүт материалдарын эстеликтерге, эстелик мамыларга жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын орун жайларына, алардын кире бериш жерлерине жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга тыюу салынат.

Үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында жашыл өсүмдүктөрдү, бак-дарактарды, тоонун боорлорун жана чокуларын жана дөбөлөрүн, башка табигый дөңсөөлөрдү кандай болбосун түрдө пайдаланууга жол берилбейт.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин 10 календардык күндүн ичинде тиешелүү аймактарды үгүт материалдарынан тазалоону камсыз кылууга милдеттүү.

6. Жалган жасалма үгүт материалдары же ушул березненин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдары таратылып жатканы жөнүндө маалымат алган шайлоо комиссиясы бул иштерге бөгөт коюу боюнча чараларды көрөт жана укукка каршы үгүт иштерин болтурбоо жана мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү укук коргоочу жана башка органдарга кайрылууга укуктуу.

*7. (КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*8. Ушул березненин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн талаптар радио боюнча жүзөгө ашырылуучу шайлоо алдындагы үгүткө жайылтылбайт.*

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**28-берене. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугун кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги**

1. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт жана кетирилген кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрөт.

2. Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянат пайдаланууга жол берилбейт: улуттук, этностук, расалык, диний, аймактар аралык кастыкты, басмырлоолорго, кастыкка чакырган гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды пропагандалоого; же бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарына; согушту пропагандалоого; чет мамлекеттердин саясий жана мамлекеттик ишмерлери менен көпчүлүк катышкан иш-чараларды жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу менен өткөрүүгө, башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөттөрүн пайдалануу менен фото жана көрмө материалдарды пайдаланууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянаттык менен пайдалануунун башка түрлөрүнө тыюу салынат.

Ибадат кылуу имараттарына, курулмаларына жана аларга тиешелүү аймактарга, кооптуу жана зыяндуу өндүрүштөрү бар объекттерге, электр станцияларга, темир жолдорго, мунай куурларга жана жогорку чыңалуудагы электр берүү линияларына, пенитенциардык тутумдун объекттерине, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарына, мектепке чейинки балдар мекемелерине, мектепке чейинки билим берүүчү жана жалпы билим берүүчү уюмдардын ичинде жана уюмдарга жакын жерлерде (аралыгы 100 метрден аз) үгүт иш-чараларын жүргүзүүгө, үгүт материалдарын таратууга жол берилбейт.

Шайлоо алдындагы үгүттү өткөрүүдө, үгүттүк материалдарда тикелей жана кыйыр өздөштүрүп алынган маалыматтык бөлүктөрдү жана элементтерди (сүрөттөлүштөрдү) көрсөтүүгө же башкача пайдаланууга же диний тематикага шилтеме жасоого жол берилбейт.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмекке ылайык, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын символикасын, талапкердин сүрөтүн камтыган басылма үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды кошпогондо, шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууга: шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө; шайлоочуларга белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды тапшырууга; товарларды жеңилдетилген шартта сатууга; кандай болбосун товарларды акысыз таркатууга, акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө тыюу салынат.

Талапкердин, саясий партиянын жана аткаруучунун ортосунда жазуу жүзүндө жол-жоболоштурулган эмгек мамилелеринин алкагында аткарылган жумушка талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө сатып алуу болуп эсептелбейт.

4. Талапкерлер, алардын жакын тууғандары, жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.

5. Талапкерлер, алардын өкүлдөрү, саясий партиялардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, башка жактар шайлоо алдындагы өнөктүктөргө катышууда билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишмердик беделине зыян келтирген жарыялоолорго жол берүүгө укуксуз. Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча төгүндөөнү акысыз жарыялоо же чындыкка дал келбеген же аны бурмалаган макалага же кабарга түшүндүрмө берүү мүмкүнчүлүгүн түзүүгө милдеттүү. Төгүндөөлөр же түшүндүрмөлөр жооп берилип жаткан маалымат басылган бетте, электрондук аянтчада, ошондой эле арип менен мезгилдүү басылманын кийинки санында, интернет-басылмаларда - төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күнү, ал эми телекөрсөтүү же радио боюнча - төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күндөн кийинки күндөгү чыгарылышта берилет. Төгүндөөнү же башка түшүндүрмөнү жарыялоо үчүн эфир убактысы талапкерге, саясий партияга баштапкы маалымат жарыяланган сутканын ошол эле убактысында берилиши керек жана анын көлөмү баштапкы маалыматты берүү үчүн берилген эфир убактысынын көлөмүнөн аз болбоого, бирок эки мүнөттөн кем болбоого тийиш.

6. Талапкер, саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн акысыз берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:

1) талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого;

3) кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия тууралуу маалыматтар көз көрүнөө басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;

4) талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга.

7. Талапкерге, саясий партияга шайлоо алдындагы үгүттөө мөөнөтү бүткөнгө чейин алардын кадыр-баркына зыян келтире турган маалыматты жарыялаган жалпыга маалымдоо каражаттарында ушул berененин 5-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттө талапкердин, саясий партиянын беделин коргоо иретиндеги төгүндөөнү же башка түшүндүрмөлөрдү жарыялоого мүмкүндүк берилбеши бул жалпыга маалымдоо каражаттарын, интернет-басылмаларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга жана Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитациядан ажыратууга негиз болушу мүмкүн.

Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде талапкерлердин аты-жөнүн же сүрөттөрүн пайдалануу менен коммерциялык жана шайлоо менен байланышпаган башка ишмердүүлүк жарнагын, ошондой эле талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын аталышын, эмблемаларын жана башка символикаларын пайдаланган жарнакты төлөө тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен гана жүргүзүлөт. Добуш берүү күнү жана добуш берүү күнүнөн мурунку күнү мындай жарнакка, анын ичинде шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн жарнакка жол берилбейт.

8. Талапкер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар ушул berененин 2, 3, 5 жана 6-бөлүктөрүнүн талаптарын бузган учурда, шайлоо комиссиялары, шайлоочулар, талапкер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу жана күнөөлүү жактарды ушул конституциялык Мыйзамда жана колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама менен укук коргоо органдарына, сотко кайрылууга укуктуу.

Укук коргоо органдары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу боюнча чараларды көрүүгө жана табылган фактылар менен көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз маалымдоого милдеттүү.

9. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн белгиленген тартиби сакталышын контролдойт жана жол берилген укук бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрөт. Талапкер, саясий партия ушул конституциялык Мыйзамдын 22-28-беренелеринде белгиленген талаптарды бузган учурда, тийиштүү шайлоо комиссиясы аларга укук бузуу жөнүндө жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу. Талапкер, саясий партия ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бир нече жолу (эки же андан көп жолу) бузган учурда, тийиштүү шайлоо комиссиясы аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга укуктуу.

Ушул berененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелери бузулгандыгы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (актысы) менен ырасталган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

Ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузуу менен жалган басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын таркаткан учурда, ошондой эле ушул конституциялык Мыйзам менен белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартибин телерадиоберүү уюму, мезгилдүү басылмалардын редакциясы, тармактык басылманын редакциясы бузган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы укук коргоо органдарына, сотко, маалымат саясаты чөйрөсүндөгү, анын ичинде электрондук жана массалык коммуникациялар, маалымат технологиялары жана байланыш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга укукка каршы үгүт иштерине бөгөт коюу жөнүндө мыйзамсыз үгүт материалдарын колдонуудан алып салуу жана телерадио уюмун, мезгилдүү басылманын редакциясын, тармактык басылма редакциясын, алардын кызмат адамдарын, ошондой эле башка адамдарды мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама менен кайрылууга милдеттүү.

10. Укук коргоо органдары жана башка органдар укукка каршы үгүт иштерине бөгөт коюу, жасалма жана мыйзамсыз даярдалган басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын даярдоону токтотуу жана аларды алып салуу, көрсөтүлгөн материалдарды даярдоочуларды жана аларга акы төлөө булактарын аныктоо боюнча чараларды көрүүгө, ошондой аныкталган фактылар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссиясына, референдум комиссиясына токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 6-глава
## Добуш берүүнү уюштуруу жана анын тартиби

### 29-берене. Добуш берүү үчүн жай

1. Добуш берүү үчүн жай мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан участкалык шайлоо комиссиясынын пайдалануусуна акысыз берилет.

2. Добуш берүү үчүн жайда жарык берүү тутуму менен камсыз кылынган жана жазуу буюмдары, мониторлор, башка зарыл жабдуу

менен жабдылган атайын жасалган кабиналар жана добуш берүү үчүн үкөктөр жайгаштырылат.

Жарык кылуу тутуму аны алмаштыруучу жарык берүү булагына, кол чырактарга жана шамдарга ээ болуусу керек. Электр жарыгы өчүп калганда добуш берүү жарык кайра берилгенге чейин (негизги же аны алмаштыруучу булактын эсебинен) токтотула турат. Бул учурда участкалык шайлоо комиссиясынын жумушуна натыйжалуу байкоо жүргүзүү максатында, байкоочулар, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү добуш берүүчү үкөктөрдөн, добуш берүүчү кабиналардан шайлоо комиссиясынын аракеттерин, алардын ишмилдеттерин аткарууларын толук көрүп турууну камсыз кылгыдай аралыкта турууга укуктуу.

3. Добуш берүү үчүн жайда шайлоо комиссиясы кереге көрнөктөрдү жасайт, аларда бардык талапкерлер, талапкерлердин тизмелерин каттаткан саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдар ар бир талапкердин катар номерин көрсөтүү менен жайгаштырылат. Маалыматтык материалдардын формасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет. Көрсөтүлгөн материалдарда үгүт чакырыктары камтылбашы керек. Кереге көрнөктөрдө ошондой эле толтурулган шайлоо бюллетендеринин үлгүлөрү жайгаштырылат, алар катталган талапкерлердин фамилияларын, саясий партиялардын аталыштарын камтыбашы керек.

Көрүүсү боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларга маалымдоо үчүн маалыматтык тактада ири ариптер жана (же) Брайль арибин колдонуу менен аткарылган материалдар жайгаштырылат.

4. Добуш берүү үчүн жай шайлоо бюллетендери берилүүчү орун, добуш берүүчү кабиналар, мониторлор, башка зарыл жабдуу жана үкөктөр бир убакта шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын көз алдында болгудай жабдылышы керек.

Добуш берүүчү кабинада бардык талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдар чүчү кулак менен аныкталган кезекте жана ар бир партиянын талапкерлеринин тизмелери ар бир талапкердин катар номерин көрсөтүү менен жайгаштырылат. Маалыматтык материалдардын формасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

Талапкер маалыматтык материалдардын формасы менен тексти бекип калгандан кийин саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинен чыгып калган учурда, маалыматтык материалдардагы талапкер жөнүндө маалыматтар, талапкерлердин тизмесиндеги катар номери

кошуп алганда толук көлөмдө чийип салынат.

Добуш берүү үчүн жайда монитор байкоочулар, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү көрүп контролдоону жүзөгө ашыруу үчүн жеткиликтүү жерге орнотулууга тийиш.

5. Добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын бул жайга тоскоолдуксуз киргүүсүн жана анда добуш берүүсүн, анын ичинде ыңгайлуу келип-кетүүчү жана жөө жүрүүчү жолдор, жеке автотранспорт токтотуучу атайын жерлер, имараттын биринчи кабаттарында добуш берүүчү жайлардын жайгаштырылышы же болбосо лифттердин болушу, эшиктердин улагасынын кеңдиги, пандустардын болушу (пандусту орнотуу мүмкүн болбосо, жардамга чакыруу баскычтары менен жабдылышы), төшөмөлдөр, тактилдик көрсөткүчтөр, жетиштүү жарык менен камсыздалышы керек.

Добуш берүүчү жайдагы жабдуулар (столдор, добуш берүүчү кабиналар жана үкөктөр), ошондой эле маалыматтык такталар жеткиликтүү жана жашыруун добуш берүүнү камсыздоо зарылдыгын эске алуу менен жайгаштырылышы керек. Добуш берүүчү кабиналар кресло-коляска пайдалануучу шайлоочуларга тоскоолдуксуз кирүүгө мүмкүндүк берген параметрлерге ылайык келиши жана оптикалык коррекциялоо каражаттары (лупалар, жарыгы бар лупалар жана башкалар), кошумча жарык, стул, атайын трафарет менен жабдылышы керек.

6. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын камсыз кылуу, добуш берүүчү жайдын максималдуу мүмкүн болгон жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында тийиштүү шайлоо комиссиясы социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждык картасын добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктирбестен түзөт.

Тийиштүү шайлоо комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн тартуу менен муктаждык картасын түзүүнүн жыйынтыктары боюнча, добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен добуш берүүчү жайды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын керектөө картасында көрсөтүлгөн керектөөлөрүнө ылайык келишин текшерүүнү уюштурат.

Эгерде добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын кирүүсү үчүн атайын жабдуулар менен жабдылбаса, тийиштүү шайлоо комиссиясы шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен тийиштүү жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн добуш берүүчү жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү кайрылуусун жөнөтөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары аларга шайлоо комиссиялары кайрылган учурда тиешелүү чараларды токтоосуз көрүүгө милдеттүү. Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбоо мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**30-берене. Шайлоо бюллетени**

1. Добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоочу шайлоо бюллетенин алат, ал катуу эсептеги документ болуп саналат. Анын таризин жана коргоо даражасын Борбордук шайлоо комиссиясы аныктайт. Шайлоо бюллетендеринин саны катталган шайлоочулардын санынан 0,1 пайыздан ашык болбошу керек.

*(Экинчи абзац КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

2. Шайлоо бюллетенинин таризи жана тексти добуш берүү күнүнө 25 календардык күн калгандан кечиктирилбестен, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет. Шайлоо бюллетенинин тексти анын бир гана бетинде жайгаштырылышы керек.

3. Президенттик шайлоодо шайлоо бюллетени талапкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын чүчү кулакта аныкталгандай кезекте камтылат.

4. Жогорку Кеңештин депутаттарын бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоолордо шайлоо бюллетени талапкерлердин фамилияларын, аттарын, аталарынын аттарын чүчү кулакта аныкталган кезекте камтыйт.

5. Ушул берененин 3 жана 4-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн талапкерлер жөнүндө маалыматтардын оң тарабында бош чарчы жайгаштырылат. Талапкерлердин тизмегинин аягында, анын оң жагына бош чарчыны жайгаштыруу менен, «Баарына каршы» деген сап жайгаштырылат.

5-1. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоо бюллетени эки бөлүктөн турат.

Шайлоо бюллетенининин биринчи бөлүгүндө чүчү кулак менен аныкталган кезектүүлүктө саясий партиялардын аталыштары жайгаштырылат. Саясий партиянын ар бир аталышынын оң жагына бош чарчыга жайгаштырылат.

Саясий партиянын тизмектеринин аягында, анын оң жагына бош чарчыны жайгаштыруу менен, «Баарына каршы» деген сап жайгаштырылат.

Шайлоо бюллетенининин экинчи бөлүгүндө чарчынын сол тышкы тарабына номерленген 54 бош чарчы жайгаштырылат. Бош чарчынын номери саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде катталган талапкердин катар номерине дал келет.

6. Шайлоо бюллетендери мамлекеттик жана расмий тилдерде, добуш берүү күнүнө 7 календардык күн калгандан кечиктирбестен басып чыгарылат. Ар бир шайлоо бюллетени аны толтуруунун тартиби жөнүндө түшүндүрмөнү жана бюллетенди даярдоочу жана нускасы тууралуу маалыматты камтышы керек. Шайлоо бюллетени тыгыздыгы шайлоочунун койгон белгисин бюллетендин арт жагын көрүүгө мүмкүндүк бербей тургандай кагазга басылууга тийиш.

Шайлоо участоктору ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар шайлоо бюллетендерин өз алдынча толтуруусу үчүн атайын трафареттер, анын ичинде Брайль ариби колдонулган бюллетендер менен жабдылат.

7. Басмакана жараксыздарын иргеп салгандан кийин шайлоо бюллетендерин акт боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө өткөрүп берет. Шайлоо бюллетендери өткөрүлүп берилгенден кийин, Борбордук шайлоо комиссиясынын кеминде 3төн кем эмес мүчөлөрүнүн катышуусунда, басмакананын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда, иргелген жараксыздары жана ашык шайлоо бюллетендери жок кылынат, бул жөнүндө акт түзүлөт, ага катышып тургандардын баары кол коюшат.

8. Борбордук шайлоо комиссиясы округдук, аймактык шайлоо комиссияларына шайлоо бюллетендерин акт боюнча, округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмесинин катышуусунда өткөрүп берет. Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

Округдук, аймактык шайлоо комиссиялары участкалык шайлоо комиссияларына шайлоо бюллетендерин акты боюнча, участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмесинин

катышуусунда өткөрүп берет. Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

9. Шайлоо бюллетендерин тиешелүү шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү добуш берүү күнүнө 5 календардык күн калганда, ал эми участкалык шайлоо комиссияларына добуш берүү күнүнө чейин 2-1 күн калганда жүзөгө ашырылат. Участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүлүп берилүүчү шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санынан 0,1 пайыздан ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо бюллетендерине участкалык шайлоо комиссиясынын тиешелүү мөөрүн коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коет.

10. Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлер, талапкерлердин тизмеси чыгып кеткен учурда, участкалык шайлоо комиссиялары шайлоо бюллетендериндеги тиешелүү талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндө маалыматтарды чийип салат. Чийип салуу талапкер, саясий партия жөнүндө бардык маалыматтар жазылган саптар боюнча шариктүү сыя калем менен гана, түз сызык түрүндө жүргүзүлөт. Мында чийүү сызыгы талапкер, саясий партия жөнүндө маалымат жазылган саптын оң жагына жайгаштырылган бош чарчыны да камтышы керек.

11. Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмеси жана башка шайлоо документтери, тиешелүү шайлоо комиссиясынын мөөрү сакталган атайын сейфи (шкаф) турган жай мөөр басылып бекитилет жана ички иштер органдарына кайтарууга тапшырылат. Мында сейф (шкаф) добуш берүү күнү добуш берүү жүзөгө ашырылуучу шайлоо участогунун орун жайынын ичинде болушу керек.

12. Басмакананын, шайлоо комиссияларынын орун жайларынан, ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузуу менен, шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ошондой эле көчүрмөсүн алууга жана таратууга тыюу салынат.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**31-берене. Добуш берүү тартиби**

1. Шайлоо күнү добуш берүү саат 8ден саат 20га чейин жүргүзүлөт. Добуш берүү убактысы жана орду жөнүндө участкалык шайлоо комиссиялары шайлоочуларды жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башкача ыкма менен добуш берүү күнүнө 10 календардык күн калгандан кечиктирбестен, ал эми мөөнөтүнөн мурда же кайра добуш берүүдө - добуш берүү күнүнө 7 календардык күн калгандан кечиктирбестен кабарлоого милдеттүү.

Шайлоо күнү эртең мененки саат 7де участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү жайындагы өз жыйналышында чүчүкулак аркылуу төмөнкү иштерди аткаруучу комиссия мүчөлөрүн аныктайт:

- добуш берүү күнүндө оператордун ишин контролдоону жана аны менен бирдикте шайлоочулардын электрондук тизмесинде жарандарды идентификациялоону жүргүзүүчү;

- шайлоочулардын кагаздагы тизмесиндеги жарандарды каттоону жүзөгө ашыруучу;

- шайлоо бюллетендерин берүүчү;

- шайлоочулардын жашыруун добуш берүү кабиналарына киришин, шайлоо бюллетендерин добуш берүү үкөктөрүнө салышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, катчысы жана шайлоо жабдуусунун операторлору чүчү кулакка катышпайт.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда, ушул участоктун шайлоочуларынын тизмеси, шайлоо бюллетендери жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү, ошондой эле орун жайдан тышкары добуш берүүнүн натыйжалары боюнча документтер турган мөөрлөнүп бекитилген сейфти (шкафты) ачат; сейфтен (шкафтан) шайлоочулардын кагаздагы тизмесин, шайлоочулардын электрондук тизмеси менен башка зарыл жабдууну алып чыгат, шайлоочулардын тизмесине киргизилген санды жарыялайт, өзү көрүп таанышууга жана кагаздагы жана электрондук тизмелерди салыштырууга мүмкүндүк берет, андан кийин аны добуш берүү күнү шайлоочуларды каттоого жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесин толтурууга жооптуу болгон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө таратып берет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы карап чыгуу үчүн участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып олтурган байкоочуларга, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга

маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө ичи бош, участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен мөөрлөнүп бекитилүүчү (пломбалануучу) добуш берүү үкөктөрүн көрсөтөт. Андан кийин мөөрлөнүп бекитилген добуш берүү үкөктөрүнө участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, шайлоо участогунун номуру, көзөмөлдөө барактарынын добуш берүү үкөгүнө салынган убактысы, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын жана участкалык шайлоо комиссиясынын башка мүчөлөрүнүн, катышып отурган талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын өкүлдөрүнүн фамилиялары көрсөтүлгөн көзөмөлдөө барактарын салат. Көзөмөлдөө барактарына ошол адамдардын колдору коюлат жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган жана орун жайдан тышкары добуш берүү үчүн берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө жарыялайт. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда шайлоо бюллетендерин кайра санап чыгат жана санын жарыялайт, андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы катышып отурган адамдарга аларды көрүп таанышуу үчүн берет жана участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин санын добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго жана анын чоңойтулган таризине жазат.

Шайлоо бюллетендерин кайра санап чыккандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө 100дөн шайлоо бюллетенин берет, алар алганы үчүн кол коет жана шайлоо бюллетендеринин берилишине жооп беришет.

2. Добуш берүү үчүн жайда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү идентификация боюнча жабдууну колдонуу менен, шайлоочунун биометрикалык жана персоналдык маалыматтары боюнча аны идентификациялоону операторлор менен биргелешип жүргүзөт. Шайлоочуну идентификациялоо аралыктан жана талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар шайлоочуну идентификациялоо жол-жобосун жана мониторду көрүп тургандай шартта жүргүзүлүүгө тийиш.

Шайлоочунун биометрикалык жана персоналдык маалыматтары боюнча аны идентификациялоо үчүн шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт.

Мында талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн көрүнүктүү жерге илинген монитордо төмөнкүдөй маалыматтар чагылдырылат:

- бул шайлоо участогунда шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны;

- бул шайлоо участогунда ошол учурда идентификациядан өткөрүлгөн жана идентификациядан өткөнү жөнүндө чек алган шайлоочулардын саны;

- идентификациядан өтүп жаткан шайлоочунун фото сүрөтү;

- жабдуулардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргелешип Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталган башка маалыматтар.

Шайлоочуну идентификациялагандан кийин чек чыгарылат. Жогорку Кеңештин депутатын шайлоодо шайлоочуга эки: бирдиктүү шайлоо округу боюнча бир жана бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бир шайлоо бюллетени берилет. Чек шайлоочу тарабынан чекке добуш берүү бюллетенин алмашып берген участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө берилет.

Жабдуу ушул шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын биротоло тизмесине кирген шайлоочуну идентификациялай албаган жана идентификациядан өткөнү жөнүндө чек бербеген ар бир учурда, эгерде идентификациялоо боюнча бир нече ирет көрүлгөн чаралар натыйжа бербесе, шайлоо комиссиясынын идентификациялоо процессин контролдоого жооптуу мүчөсү комиссиянын төрагасына билдирет, андан кийин жабдуунун идентификациялай албаганы жөнүндө эки нускада акт түзөт. Актыга шайлоо комиссиясынын идентификациялоо процессин контролдоого жооптуу мүчөсү, оператор жана тиешелүү шайлоочу кол коёт. Бир нускасы шайлоочуга тапшырылат, ал эми экинчи нускасы шайлоо комиссиясында калат, шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангандан кийин шайлоо комиссиясы бул актыларды чара көрүү үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга жиберет. Мында шайлоочу добуш берүүгө киргизилбейт.

Шайлоочуга чек бербестен шайлоо бюллетенин берген учурда тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү мыйзамдарда каралган жоопкерчиликти тартат.

Добуш берүү үчүн кутуларга салынган шайлоо бюллетендеринин санына негизделген добуш бергендердин саны жөнүндө маалыматтар участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан актыга киргизилет жана округдук, аймактык шайлоо комиссиясына ар бир 2 саат сайын өткөрүп берилет, округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын системалык администратору алынган маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына киргизет жана автоматтык түрдө жарыялайт. Добуш берүү үчүн кутуларга салынган шайлоо

бюллетендеринин санына негизделген добуш бергендердин саны жөнүндө биротоло маалыматтар дароо же шайлоо участоктору жабылгандан кийин, бирок бюллетендери бар урналар ачылганга чейин Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берилет.

3. Чүчүкулак менен аныкталган участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоо бюллетендерин берүүдө шайлоочуну шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттайт, шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин сериясы жана номуру коюлат жана шайлоо бюллетенин бергени жөнүндө ага кол коёт.

4. Ар бир шайлоочу өзү үчүн добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт.

5. Шайлоо бюллетендери шайлоочунун инсандыгын ырастаган документин көрсөткөндө, шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочуларга берилет.

6. Шайлоочу жүргүзүлгөн жазуунун тууралыгын текшерет жана шайлоочулардын тизмесине кол коет.

7. Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан атайын жабдылган кабинада же башка адамдардын болушуна жол берилбеген атайын жабдылган жерде толтурулат. Атайын жабдылган кабина же атайын жабдылган жер шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эркин билдирүүсүнүн жашыруундуулугун жана добуш берүүчүнүн аракеттерине шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын көзөмөл жүргүзүүсүн камсыз кылууну эске алуу менен орнотулушу же даярдалышы керек. Добуш берүү үчүн үкөктөр добуш берүү үчүн атайы жабдылган эң жакынкы кабинадан бир жарым метрден ашпаган аралыкта, добуш берүү үчүн жайда турган адамдар бюллетендеги белгини көрүп биле албай тургандай жайгаштырылууга тийиш.

8. Президентти шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетениндеги талапкерге тиешелүү чарчыга кимдин пайдасына тандоо жасаганы тууралуу тиешелүү белгини же болбосо «Баарына каршы» позициясына белги коёт;

8-1. Жогорку Кеңештин депутаттарын бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетенине өзү тандаган талапкерге тийиштүү чарчыга тиешелүү белгини же болбосо «Баарына каршы» позициясына белги коёт.

8-2. Жогорку Кеңештин депутаттарын бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетенинин биринчи бөлүгүндөгү саясий партияга тийиштүү бир чарчыга тиешелүү белгини коёт.

Шайлоо бюллетенининин экинчи бөлүгүндө шайлоочу өзү тандаган тиешелүү талапкердин катар номерине тийиштүү бир чарчыга белги коёт.

Эгерде шайлоочу бир дагы саясий партиянын пайдасы үчүн тандоо жасабаган учурда, анда «Баарына каршы» позициясына тийиштүү чарчыга белги коёт.

9. Эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенин толтурууда ката кетирип алдым деп эсептеген учурда, ал бузулган шайлоо бюллетенининин ордуна жаңысын берүү өтүнүчү менен участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоо бюллетенин берген мүчөсүнө кайрылууга укуктуу. Шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочулардын тизмесиндеги ушул шайлоочунун фамилиясынын тушуна тиешелүү белги коюу менен, ага жаңы шайлоо бюллетенин берет. Бузулган шайлоо бюллетени керектен чыгарылат, бул жөнүндө акт түзүлөт.

10. Шайлоо бюллетенин алганына өз алдынча кол коюуга жана шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүнчүлүгү болбогон шайлоочу, бул үчүн шайлоо комиссиясынын мүчөсү, талапкер, талапкердин, саясий партиянын өкүлү, байкоочу болуп саналбаган башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу. Бул учурда шайлоочу башка адамдын жардамынан пайдалануу жөнүндө өз ниетин участкалык шайлоо комиссиясына оозеки билдирет.

Шайлоо бюллетенин алгандыгы үчүн өз алдынча кол коюуга, шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүнчүлүгү жок шайлоочунун өтүнүчү боюнча дайындалган адам иш-аракеттерди шайлоочунун билдирген эркине толук ылайыктуу жасоого милдеттүү.

11. Толтурулган шайлоо бюллетендерин шайлоочулар тийиштүү мөөр басылган (пломбаланган), Жогорку Кеңештин депутаттарын бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоо үчүн жана Жогорку Кеңештин депутаттарын бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоо үчүн добуш берүүчү үкөктөргө салышат. Шайлоо бюллетенин добуш берүүчү бөлмөдөн алып чыгууга тыюу салынат. Автоматтык түрдө эсептөөчү урнага бюллетенди таштоонун эрежелеринен кыйналган шайлоочунун өтүнүчү боюнча шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири же техникалык адис чакырылган учурларды кошпогондо, добуш берүү үчүн үкөктүн жанында шайлоо бюллетенин таштап жаткан шайлоочудан башка адамдардын болушуна тыюу салынат. Добуш берүү үчүн жайда турган адамдарга добуш берүү үчүн үкөктү далдалоого же ага байкоо жүргүзүүгө башка ыкма менен тоскоолдук кылууга тыюу салынат.

12. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү жайындагы тартипке көз салат. Добуш берүү жайында коомдук тартип бузулган учурда, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү жайында коомдук тартипти камсыз кылуу максатында, укук коргоо

органдарынын кызматкерлерине жардамга кайрылууга укуктуу, алар тартип орнотулгандан кийин добуш берүү жайынан чыгып кетүүлөрү керек. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын өз ыйгарым укуктарынын чектеринде берилген, шайлоо жүрүмүнүн субъекттеринин укуктарын бузбаган тескемелери добуш берүү жайында тургандардын баары үчүн милдеттүү. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жок болгондо, анын ыйгарым укуктарын участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы же шайлоо комиссиясынын ыйгарым укук берилген мүчөсү аткарат.

Добуш берүү үчүн жайга киргизүү талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн байкоо жүргүзүүсүнө шайлоочулар топтолушуп, тоскоолдук кылбай тургандай жүргүзүлүүгө тийиш.

13. Эгерде алар шайлоо комиссиясынын ишине же Кыргыз Республикасынын жараны өз шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылууга, ошондой эле добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузууга аракет кылса, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү токтоосуз анын жумушуна катышуудан четтетилет, ал эми байкоочу же башка адамдар добуш берүүчү жайдан сыртка чыгарылат. Бул жөнүндө чечим участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндө кабыл алат. Мында комиссия бул адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү органдарга кайрылууга укуктуу.

14. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен ишканалар, ошондой эле алардын кызмат адамдары добуш берүү күнү коомдук коопсуздукту, коомдук транспорттун, байланыш каражаттарынын үзгүлтүксүз иштешин, добуш берүүчү жайларда электр жарыгы жана жылуулук болушун камсыз кылууга милдеттүү.

15. Шайлоо күнү автоматтык эсептөөчү урна бузулган учурда, добуш берүү запастык автоматтык эсептөөчү урнаны пайдалануунун негизинде жүзөгө ашырылат. Мында участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага участкалык шайлоо комиссиянын катышкан бардык мүчөлөрү жана операторлор кол коюшат.

Запастык автоматтык эсептөөчү урна бузулган учурда, добуш берүү туруктуу орнотулган үкөктү пайдалануунун негизинде жүзөгө ашырылат. Мында участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага участкалык комиссиянын катышкан бардык мүчөлөрү жана операторлор кол коюшат.

Автоматтык эсептөөчү урналардын бузулгандыгынын натыйжасында алмашылгандардын иштөө жөндөмдүүлүгү калыбына келтирилген учурда, аларды добуш берүү күнүнүн ичинде добуш берүү үчүн пайдаланууну улантууга жол берилбейт.

16. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары добуш берүүнүн жана автоматтык түрдө саноочу урналарды пайдалануунун тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы №96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**32-берене. Мөөнөтүнөн мурда добуш берүү тартиби**

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**33-берене. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнүн тартиби**

1. Шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолугунун абалы же майыптыгы боюнча добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар; добуш берүү күнү ооруканаларда, шектүүлөрдү жана айыптууларды кайтаруу алдында кармоочу жайлардагы шайлоочулар; алыскы жана жетүү кыйын болгон райондордо, алыскы мал жайыт участокторунда убактылуу жашаган шайлоочулар; ошондой эле өзгөчө учурларда тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечими боюнча аскер бөлүктөрүндө, эгерде алар убактылуу жүргөн жер өзүнүн жайгашкан орду боюнча кирген шайлоо участогунун аймагында туруктуу жашаса, добуш берүү күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери, тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилүүчү, жумуш цикли үзгүлтүксүз ишканаларда иштеген шайлоочулар, вахта ыкмасында иштеген шайлоочулар, үй камагында турган референдумдун катышуучулары добуш берүү күнү обочолонгон, калктуу конуштардын алыс жерлерде кызмат өтөп жатышкан аскер кызматкерлери, өзү жүргөн жери боюнча добуш беришет. Участкалык шайлоо комиссиялары мындай шайлоочуларга добуш берүү күнүнө чейин бир календардык күн калганда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

2. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү, добуш берүү күнүнө чейин бир календардык күн калганда саат 8ден 20га чейинки мезгилде жана шайлоочунун ага добуш берүү жайынан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде гана жүргүзүлөт. Шайлоочунун арызы участкалык шайлоо комиссиясы түзүлгөндөн кийин каалаган учурда, бирок добуш берүү күнүнө 3 календардык күн калгандан кечиктирбестен берилиши мүмкүн. Участкалык шайлоо комиссиясы берилген бардык арыздарды атайын реестрде каттоого алат. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүгө

мүмкүнчүлүк берүү жөнүндө арызда шайлоочунун добуш берүүчү жайга келе албай турганынын себеби жана шайлоочу жөнүндө маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

3. Участкалык шайлоо комиссиясында добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдүн зарыл саны (бирок үчтөн ашык эмес) болушу керек. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү зарыл сандагы шайлоо бюллетендерин, ошондой эле алдын ала кол коюп, мөөрлөнүп жабылган (пломбаланган) көчмө үкөктөрдү алган оператор менен биргелешип участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзөт. Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү талапкерлердин, саясий партиялардын, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда жүргүзүлөт.

4. Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүүгө 2 күн калганда өзүнүн жыйналышында добуш берүүчү орун жайдан тышкары добуш берүүнү уюштура турган комиссиянын мүчөлөрүн (участкалык шайлоо комиссиясынын эки мүчөсүнөн кем эмесин) чүчү кулак менен аныктайт. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы чүчүкулакка катышпайт.

Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн участогунда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу жазуу жүзүндө ага арыз берген шайлоочулардын реестрин илип коюуга милдеттүү.

5. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы карап чыгуу үчүн участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып олтурган байкоочуларга, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө ичи бош, участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен мөөрлөнүп бекитилүүчү (пломбалануучу) орун жайдан тышкары добуш берүү үкөктөрүн көрсөтөт. Андан кийин мөөрлөнүп бекитилген добуш берүү үкөктөрүнө участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, шайлоо участогунун номуру, көзөмөлдөө барактарынын добуш берүү үкөгүнө салынган убактысы, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын жана участкалык шайлоо комиссиясынын башка мүчөлөрүнүн, катышып отурган талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын өкүлдөрүнүн фамилиялары көрсөтүлгөн көзөмөлдөө барактарын салат. Көзөмөлдөө барактарына ошол адамдардын колдору коюлат жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

6. Шайлоочуга келгенден кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү анын биометрикалык жана персоналдык маалыматтары боюнча идентификациялоону оператор менен бирдикте жүргүзөт.

Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү ага чектин ордуна шайлоо бюллетенин берет. Шайлоо бюллетендерин бергенде участкалык шайлоо комиссиясынын чүчүкулак менен аныкталган мүчөсү шайлоочуну шайлоочулардын кагаздагы тизмесинде каттайт, шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин сериясын жана номурун коет жана ага шайлоо бюллетинин бергени жөнүндө кол коёт. Шайлоочу жүргүзүлгөн жазманын тууралыгын текшерет жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесине кол коёт.

7. Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан башка адамдардын болушуна жол берилбеген атайын жерде толтурулат. Атайын жер шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эркин билдирүүсүнүн жашыруундуулугун жана добуш берүүчүнүн аракеттерине шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын көзөмөл жүргүзүүсүн камсыз кылууну эске алуу менен тандалып алынышы керек.

Эгерде шайлоочу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экендигинен улам же ден соолугунун абалы боюнча шайлоо бюллетендерин алганда өз алдынча кол кое албаса же шайлоо бюллетендерин толтура албаса, ал ушул конституциялык Мыйзамдын 31-беренесинин 10-бөлүгүндө каралган тартипте башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу.

8. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берген шайлоочунун паспортунун же инсандыгын ырастоочу документинин сериясы жана номуру шайлоочулардын тизмесине киргизилет жана шайлоочулардын тизмесинин тиешелүү тик тилкесинде «Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берди» деген белги коюлат.

9. Жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы боюнча добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдүн көзөнөктөрү участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, байкоочулар тарабынан кол коюлган, А4 форматындагы мөөр басылган барак менен бекитилет (пломбаланат) жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Көчмө укөктөр сейфте (шкафта) сакталат, ал мөөр басылып кошумча бекитилет (пломбаланат).

Жайдан тышкары добуш берүүнүн аяктаганы тууралуу акт түзүлөт, анда добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү жөнүндө арыздардын саны, добуш берген шайлоочулардын саны, берилген шайлоо бюллетендеринин саны, берилген чектердин саны, пайдаланылбаган бюллетендердин саны жана кайтарылган бузулган бюллетендердин саны тууралуу маалыматтар камтылат, ага участкалык шайлоо комиссиясынын катышкан бардык мүчөлөрү, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар кол коёт. Акт түзүүдө катышкан ар бир адамга актыга кол коюлгандан кийин токтоосуз анын

мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү берилет.

10. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берген шайлоочулардын добуштарын саноо добуш берүү үчүн жайда добуш берүү аяктагандан кийин, ушул конституциялык Мыйзамда аныкталган тартипте жана шарттарда жүргүзүлөт.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 7-глава
## Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо

### 34-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол

1. Участкалык, аймактык шайлоо комиссиялары тиешелүү шайлоо участкаларындагы, аймактарындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт.

2. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол тариzи жана корголуу даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталуучу, катуу эсептеги документ болуп саналат.

3. Участкалык, аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдорду толтурууларынын тариzи жана тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

### 35-берене. Участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүү жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби

1. Добуш берүү убактысы аяктагандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүүчү жайда турган шайлоочулар гана шайлоо бюллетендерин ала алышарын жана добуш бере ала турганы жөнүндө жарыялайт.

2. Шайлоочулардын добуштарын саноо участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан гана, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдо жана анын чоңойтулган таризинде (шайлоо комиссиясы белгилеген орунга илинген) шайлоо бюллетендерин жана шайлоочулардын добуштарын саноо боюнча аткарылуучу иш аракеттердин бардык натыйжалары тууралуу ырааттуу жарыялоо жана тиешелүү түрдө жол-жоболоо менен ачык жана айкын жүзөгө ашырылат.

Добуштарды саноо жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө процессинде талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жана участкалык шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылбаган жерден фотосүрөт, кино-, көрмө тартылууларды жүргүзө алышат.

3. Шайлоочулардын добуштарын саноо добуш берүү аяктаары менен, шайлоочулардын добуш берүүсү өткөрүлгөн жайда башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары белгиленгенге чейин тыныгуусуз жүргүзүлөт. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз саноо жүргүзүлгөн жер ага участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрүнүн жана шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн жетимдүүлүгү камсыз болгондой жабдылууга тийиш. Мында саноого катышкан бардык адамдар үчүн санап жаткан участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аракеттерин толук көрүп турууларны камсыз кылынышы керек.

Ар түрдүү деңгээлдердеги шайлоолор айкалыштырылган учурда, биринчи кезекте Президентти, андан кийин - Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча добуштарды саноо жүзөгө ашырылат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасын жана катчысын кошпогондо, добуштарды саноо учурунда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө жазуучу буюмдарды пайдаланууга тыюу салынат.

3-1. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо биринчи кезекте бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт, экинчи кезекте, бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиялар жана алардын талапкерлери үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт.

4. Участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоо бюллетендерин берүүгө жооптуу мүчөлөрү пайдаланылбай калган шайлоо бюллетендерин кайра санап чыгат, аларды төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарат (мында катталган талапкерлер, саясий партиялардын аталыштары жана талапкерлердин катар номерлери бар чарчылар жөнүндө маалыматтардын оң жагында жайгашкан чарчыларды бузууга жол берилбейт) жана ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына тапшырат, бул жөнүндө акт түзүлөт. Ушундай эле жол менен участкалык шайлоо комиссиясынын сейфинде пайдаланылбай калган шайлоо бюллетендери керектен чыгарылат. Бардык керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери саналат жана пакетке таңгакталат, анан участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү

жана анын мүчөлөрүнүн колдору менен бекитилет. Пакетке «Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери» деген жазуу жазылат, алардын саны жана шайлоо участогунун номуру көрсөтүлөт.

Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендеринин жана ката толтурулган (бузулган) катары шайлоочулар кайтарып берген шайлоо бюллетендеринин саны, бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санынын суммасы катары жарыя кылынат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган таризине киргизилет.

5. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз саноонун алдында, участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоочуларды каттоого жооптуу мүчөлөрү шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине тиешелүү суммалык маалыматтарды киргизүүгө милдеттүү.

Суммалык маалыматтар киргизилгенден кийин шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү кол коет, андан кийин бардык маалыматтарды жыйынтыктайт жана участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына өткөрүп берет. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы тизменин акыркы бетине шайлоочулардын тизмесинин бардык беттери боюнча маалыматтардын суммасы катары аныкталуучу жыйынды маалыматтарды киргизет, аларды өз колу жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөйт.

Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны чектерди саноо жолу менен кошумча текшерилет.

Шайлоочулардын тизмеси менен иш жүргүзүлгөндөн кийин шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө акт түзүлөт. Төраганын кол тамгасы жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн актынын көчүрмөсү катышкан талапкерге, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет, андан кийин маалыматтар чоңойтулган тариздеги протоколго киргизилет.

Шайлоочулардын тизмеси менен жумуштарды жүргүзгөндөн кийин, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы катышып отургандарга алар менен көрүп таанышууну сунуш кылат.

Андан кийин шайлоочулардын тизмеси сейфке (шкафка) алып коюлат.

6. Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендерин саноого киришет. Участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү жүргүзгөн мүчөлөрү пломбалардын, мөөрлөрдүн жана участкалык

комиссиянын мүчөлөрү, көчмө үкөктөрдү мөөрлөп бекитүүдө катышкан адамдар койгон колдордун сакталганын көрсөтөт, добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдү кезек-кезеги менен ачат, андан кийин шайлоо бюллетендерин жана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, эртең менен шайлоо үкөктөрүн мөөрлөп жабуу учурунда катышкан адамдардын колдору менен көзөмөлдөө барагын алып чыгышат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы көзөмөлдөө барактарын көрсөтөт.

Добуш берүү үчүн ар бир көчмө үкөктү ачаардын алдында добуш берүү үчүн ушул көчмө үкөктү жана берилген чектерди пайдалануу менен добуш берген шайлоочулардын саны жарыяланат. Добуш берүү үчүн ар бир көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендерин саноо өз-өзүнчө жүргүзүлөт.

Эгерде добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендеринин саны, алынган шайлоо бюллетендеринин жана берилген чектердин саны жөнүндө белгиде камтылган шайлоочулардын арыздарынын санынан көп экени белгиленсе, добуш берүү үчүн ушул көчмө үкөктөгү бардык шайлоо бюллетендери, участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен жараксыз деп таанылат жана төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарылат, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет жана анда участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү жүргүзүүнү камсыз кылган мүчөлөрүнүн фамилиялары жана аты-жөндөрү көрсөтүлөт. Бул жараксыз шайлоо бюллетендери өзүнчө таңгакталат жана мөөрлөнүп чапталат, мында пакетте шайлоо участогунун номуру, үкөктүн номуру жана шайлоо бюллетендеринин саны көрсөтүлөт жана «Добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алынган жараксыз шайлоо бюллетендери» деген жазуу жазылат.

Көчмө үкөктөн алынган шайлоо бюллетендери добуш берүү үчүн үкөктөргө салынат.

7. Добуштарды саноо учурунда аныкталбаган тариздеги шайлоо бюллетендери эсепке алынбайт. Мазмуну жана (же) таризи Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен шайлоо бюллетенинин текстине жана таризине ылайык келбеген бюллетендер аныкталбаган тариздеги шайлоо бюллетендери деп таанылат.

8. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөөнүн алдында участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы автоматтык эсептөөчү урналар боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын жарыялайт, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго тиркелет жана участкалык шайлоо комиссиясынын бардык катышкан мүчөлөрүнүн, талапкерлердин өкүлдөрүнүн, саясий партиялардын талапкерлеринин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын,

жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн алдында жарыя кылынат.

Автоматтык эсептөөчү урналар добуш берүүнүн бүткүл мезгилинде добуш берүүнүн купуялуулугунун ачылышына жол бербөөгө жана зымдуу жана зымсыз тарамдарга кошулбоого тийиш. Автоматтык эсептөөчү урналардан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды алуу добуш берүү күнү саат 20дан кийин, бирок саат 23төн кечиктирбестен участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Автоматтык эсептөөчү урналардын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн отчеттору, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттор добуш берилүүчү жайда турган саясий партиялардын талапкерлеринин бардык өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет.

Добуш берүүчү үкөктөрдөн алынып чыккандан кийин шайлоо бюллетендери эсептелип чыгат, ал эми натыйжалары добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жазылат.

Добуш берүүчү үкөктөрдөн алынып чыккан бюллетендердин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санына дал келүүгө же аз болууга тийиш. Эгерде добуш берүүчү үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендердин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынан көп болуп чыкса, анда участкалык шайлоо комиссиясы себептерди аныктоо жана жоюу боюнча чараларды көрөт.

Эгерде себептери аныкталып жана жоюлгандан кийин, добуш берүүчү үкөктөгү жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендерге караганда көп болуп чыкса, добуш берүүчү үкөктөгү бардык шайлоо бюллетендери участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен жараксыз деп табылат жана ылдыйкы оң бурчун кесүү жолу менен жокко чыгарылат.

9. Президентти шайлоодо участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү үчүн көчмө жана туруктуу орнотулган үкөктөрдөн алынып чыккан шайлоо бюллетендерин ар бир талапкер үчүн, «Баарына каршы» позициясына берилген добуштар боюнча иргешет, ошол эле учурда аныкталбаган тараздеги шайлоо бюллетендерин жана жараксыз шайлоо бюллетендерин бөлүп чыгышат. Шайлоо бюллетендерин иргөөдө участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо бюллетендеринде камтылган шайлоочулардын белгилерин жарыялашат жана шайлоо бюллетендерин көрүп көзөмөлдөө үчүн саноого катышып олтургандардын баарына көрсөтүшөт.

9-1. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү үчүн көчмө жана туруктуу орнотулган үкөктөрдөн алынып чыккан шайлоо

бюллетендерин ар бир талапкер үчүн, ар бир саясий партия үчүн, «Баарына каршы» позициясына берилген добуштар боюнча иргешет, ошол эле учурда аныкталбаган тариздеги шайлоо бюллетендерин жана жараксыз шайлоо бюллетендерин бөлүп чыгышат. Шайлоо бюллетендерин иргөөдө участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо бюллетендеринде камтылган шайлоочулардын белгилерин жарыялашат жана шайлоо бюллетендерин көрүп көзөмөлдөө үчүн саноого катышып олтургандардын баарына көрсөтүшөт.

10. Иргелген шайлоо бюллетендери менен участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көзөмөлү астында талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар таанышууга укуктуу.

11. Президенттик шайлоодо белгиленген тариздеги шайлоо бюллетендери боюнча шайлоочулардын добуштарын ар бир талапкер, талапкерлердин тизмеси жана «Баарына каршы» берилген добуштар боюнча өз-өзүнчө саноо жүргүзүлөт. Иргелген шайлоо бюллетендерин саноо үн чыгаруу менен, аларды бир пачкадан экинчисине бирден алып коюу жолу менен, саноого катышып отурган адамдар уккандай жана шайлоочунун шайлоо бюллетениндеги белгисин көргөндөй жүзөгө ашырылат. Ар башка пачкалардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт.

Ар бир талапкер, ар бир талапкердин тизмеси жана «Баарына каршы» берилген шайлоо бюллетендериндеги шайлоочулардын тиешелүү белгиси (добушу) боюнча аныкталуучу, алынган маалыматтар добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган таризине киргизилет.

11-1. Жогорку Кеңештин депутаттарын бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоодо шайлоочулардын добуштарын эсептөө белгиленген формадагы шайлоо бюллетендери боюнча, ар бир саясий партия жана «Баарына каршы» позициясы боюнча өз алдынча жүргүзүлөт. Иргелген шайлоо бюллетендерин саноо үн чыгаруу менен, аларды бир пачкадан экинчисине бирден алып коюу жолу менен, саноого катышып отурган адамдар уккандай жана шайлоочунун шайлоо бюллетениндеги белгисин көргөндөй жүзөгө ашырылат. Ар башка пачкалардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт.

Шайлоо бюллетендерин эсептөөнүн жыйынтыктарында ар бир партия жана «Баарына каршы» позициясы боюнча алынган маалыматтар жарыяланат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

11-2. Андан кийин саясий партиялар боюнча иргелген шайлоо бюллетендеринен ар бир саясий партия боюнча өзүнчө, шайлоо

бюллетенинин биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн кезекте талапкерлердин тизмегиндеги талапкердин иреттик номери боюнча шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт.

Талапкерлердин тизмесиндеги ар бир талапкер боюнча шайлоо бюллетендерин эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча алынган маалыматтар жарыяланат жана добуш берүүнүн натыйжалары тууралуу протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

Эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенинде тиешелүү белгисин саясий партияга тиешелүү чарчыга коюп, ошол эле учурда белгини талапкерлердин тизмегиндеги талапкердин иреттик номери боюнча койбосо же болбосо белгини чыгып кеткен талапкердин чарчысына коюп салса, анда шайлоочунун добушу ушул саясий партиянын пайдасына кошуп эсептелинет.

Шайлоочулардын мындай добуштары өзүнчө эсептелинет жана добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

Шайлоочулардын саясий партиялардын тизмесиндеги талапкерлер үчүн берилген добуштарын эсептөө усулу Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

12. Жараксыз шайлоо бюллетендери өзүнчө саналат жана кошулат. Шайлоочунун эркин билдирүүсүн аныктоо мүмкүн болбогон шайлоо бюллетендери, ошондой эле добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алынган жараксыз шайлоо бюллетендери (эгерде добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендеринин саны алынган шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө белги бар шайлоочулардын арыздарынын санынан ашкан факты орун алган болсо) жараксыз болуп эсептелет. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгилеген коргоо белгилери коюлбаган, участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлбөгөн жана башка белгиленген белгилерди камтыбаган шайлоо бюллетендери да жараксыздарга кирет.

Арткы бетинде белгини, сызыкты же алардын мазмунуна карабастан башка жазууларды камтыган бюллетендер жараксыз деп таанылбайт.

Шайлоо бюллетенин жараксыз деп таанууда шектенүүлөр болгон учурда, участкалык шайлоо комиссиясы маселени добуш берүү менен чечет, мында шайлоо бюллетенинин арткы бетине анын жараксыздыгынын себеби көрсөтүлөт жана бул жазуу белги участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана катчысынын колу менен ырасталат, комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Жараксыз шайлоо бюллетендеринин жалпы саны добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган таризине киргизилет.

12-1. Жогорку Кеңештин депутаттарын бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоодо шайлоо бюллетендери төмөнкү учурларда жараксыз деп эсептелинет, эгерде:

1) эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенине тийиштүү белгини саясий партияга тиешелүү чарчыга койсо, ошону менен бирге, ушул конституциялык Мыйзамдын 31-беренесинин 82-бөлүгүн бузуп, шайлоо бюллетенинин төмөнкү бөлүгүндөгү талапкерлердин катар номерлери бар чарчыларга бирден ашык белги койсо;

2) шайлоочу шайлоо бюллетенинин саясий партияларга тийиштүү чарчысына тиешелүү белгини койбосо, ошол эле учурда белгини шайлоо бюллетенинин төмөнкү бөлүгүндөгү талапкерлердин катар номерлери бар чарчыга койсо;

3) ушул конституциялык Мыйзамда каралган башка учурларда.

13. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жараксыз шайлоо бюллетендеринин санын санайт, жарыялайт жана добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго жана анын чоңойтулган таризине жазат, ал шайлоочулардын эркин аныктоого боло турган шайлоочулардын белгилери боюнча аныкталат.

14. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуштарды саноодо бардык катышып отурган адамдарга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көзөмөлү алдында шайлоо бюллетендерин көрүп таанышууну сунуш кылат. Автоматтык эсептөөчү урналардагы маалыматтар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары добуш берүүнү кол менен эсептөөнүн маалыматтары боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарына дал келбеген учурда, талапкердин, саясий партиянын өкүлүнүн же байкоочунун добуштарды кайра эсептөөнү жүргүзүү талабы боюнча талапкердин, саясий партиянын өкүлүнүн же байкоочунун түздөн-түз катышуусунда жана алар тараптан көрүп туруп көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берүү менен шайлоо бюллетендери кайра эсептелет. Мында шайлоо бюллетендерин саноо үн чыгаруу менен жүргүзүлөт.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен эсептөөнүн натыйжалары боюнча белгиленет.

15. Мындан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тартипке ылайык добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго киргизилген маалыматтардын көзөмөлдүк өз ара катыштарын текшерүү жүргүзүлөт.

16. Добуштарды саноо жүргүзүлгөндөн кийин участкалык шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу жыйналыш өткөрөт, анда добуш берүү жана шайлоочулардын добуштарын саноо учурундагы тартип

бузуулар жөнүндө келип түшкөн арыздар (даттануулар) каралат, ар бир арыз (даттануу) боюнча чечим кабыл алынат. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын кабыл алган чечимдерине макул болгон арыз ээлери менен участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюшат. Участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюуда, протоколдун мазмуну менен макул эмес участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзгөчө пикирлерин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзүлгөндөн кийин, иргелген шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, чектер, автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору, идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтык отчет өзүнчө пакеттерге таңгакталат, аларда шайлоо участогунун номуру, шайлоо бюллетендеринин саны, шайлоочулардын тизмелеринин аталыштары көрсөтүлөт. Пакеттер мөөрлөнүп чапталат, аларга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн колдору коюлат жана өзүнчө мүшөккө же кутуга салынат. Мүшөктө же кутуда шайлоо участогунун номуру жана анын ичиндеги документтердин тизмеси көрсөтүлөт. Мүшөк же кутуга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн колдору коюлуу менен мөөрлөнүп чапталат. Шайлоо бюллетендерин, шайлоочулардын тизмесин, чектерди, автоматтык эсептөөчү урналардын отчетторун, идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтык отчетту таңгактоо, ошондой эле аларды мүшөккө же кутуга салуу талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын катышуусунда жүзөгө ашырылат, аларга мүшөккө же кутуга өз колдорун коюу мүмкүнчүлүгү берилет. Пакет, мүшөк же куту жогору турган шайлоо комиссиясынын же соттун чечими боюнча гана ачылышы мүмкүн.

17. Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол эки нускада толтурулат, күнү жана убактысы (сааты, мүнөтү) коюлуу менен, участкалык шайлоо комиссиясынын бардык катышып олтурган мүчөлөрүнүн колдору коюлат. Эгерде ага участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү кол койсо, протокол жарактуу болуп саналат. Протоколго кол коюуда протоколдун мазмуну менен макул эмес участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү протоколго өзгөчө пикирлерин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат.

18. Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин, участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары катышып олтурган бардык талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн алдында токтоосуз жарыяланат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жарыялангандан кийин, участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол, шайлоочуларды жана автоматтык эсептөөчү урналарды идентификациялоо тууралуу алгачкы, жыйынтыктоочу чектер автоматтык эсептөөчү урналар аркылуу сканерлөө жолу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине жөнөтүлөт.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол ката толтурулган учурда, комиссия тиешелүү акт түзөт, ал да сканерленет жана жаңыдан толтурулган жана кол коюлган добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине жөнөтүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине келип түшкөн сканерленген документтер протоколду толтуруунун тууралыгы текшерилгенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын сайтына жарыяланат.

19. Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коюлгандан кийин, анын биринчи нускасы, шайлоо бюллетендерин кошуп алганда шайлоо документтери, шайлоочулардын тизмелери, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн актылар, автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору, идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтык отчет менен бирге участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан токтоосуз талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн коштоосунда округдук, аймактык шайлоо комиссиясына жеткирилет.

Тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталуучу чет мамлекеттердин аймагында же алыскы жерлерде турган шайлоо участокторунун участкалык шайлоо комиссиялары ушул бөлүктө көрсөтүлгөн документтерди жеткирүүнү Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген мөөнөттөрдө жүзөгө ашырат.

20. Протоколдун экинчи нускасы, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү комиссиянын иши аяктаганга чейин алардын аныктыгы жана сакталышы үчүн мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликти тартуучу участкалык шайлоо комиссиясынын катчысында сакталат.

21. Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдун чоңойтулган тиризи жалпы элдин таанышуусу үчүн, участкалык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинип коюлат жана участкалык шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

22. Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коюлгандан кийин, участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуштарды саноого катышкан ар бир адамга добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдун мөөр менен күбөлөнгөн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

23. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү участкалык шайлоо комиссияларынын кире беришиндеги такталарга токтоосуз илинет.

Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси же анын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү добуш берүү күнүнөн кийин 7 календардык күндөн кечиктирбестен участкалык шайлоо комиссияларынын кире беришиндеги такталарга илинет жана Борбордук шайлоо комиссиясынын сайтына жарыяланат.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**36-берене. Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруунун тартиби**

1. Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдорунун биринчи нускалары, ушул мыйзамдын 35-беренесинин 19-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шайлоо документтери менен бирге, аларга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кол койгондон кийин, токтоосуз акт боюнча аймактык шайлоо комиссиясына өткөрүлүп берилет, ал тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

2. Аймактык шайлоо комиссиясы участкалык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууну жүзөгө ашырат. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан протоколдорду кабыл алуу жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун туура түзүлгөнүн алдын ала текшергенден кийин, аймактык шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу жолу менен тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктарын чыгарат. Аймактык шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча жыйынды таблица

жана протокол түзөт, аларга участкалык шайлоо комиссияларынын саны, келип түшкөн протоколдордун саны жөнүндө маалыматтар киргизилет, алардын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол, ошондой эле участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун кошулган маалыматтары түзүлөт.

Тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коюунун алдында, аймактык шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу жыйналышын өткөрөт, анда комиссияга келип түшкөн добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды саноого жана участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүүгө байланыштуу арыздар (даттануулар) каралат. Шайлоо комиссиясы ар бир арыз (даттануу) боюнча чечим кабыл алат, андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимдерге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюшат. Аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюуда аймактык протоколдун мазмуну менен макул эмес шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзгөчө пикирлерин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат. Андан кийин шайлоо комиссиясы тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коет.

3. Шайлоонун жыйынтыктары тууралуу протокол эки нускада түзүлөт жана аймактык шайлоо комиссиясынын бардык катышкан мүчөлөрү тарабынан кол коюулат. Протоколдорго тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу эки нускада түзүлүүчү жыйынды таблица, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери, ошондой эле келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тиркелет.

4. Аймактык шайлоо комиссиясынын протоколунун биринчи нускасы кол коюлгандан кийин, жыйынды таблицанын биринчи нускасы менен бирге токтоосуз Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

5. Протоколдун экинчи нускасы бардык шайлоо документтери менен бирге, архивге берилгенге чейин аймактык комиссиясынын катчысы тарабынан кайтарылуучу жайда сакталат.

6. Шайлоонун жыйынтыктары тууралуу протоколдун чоңойтулган таризи жалпы элдин таанышуусу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан белгилеген жерге илинип коюлат жана шайлоо комиссиянын жумушу аяктаганга чейин сакталат.

7. Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдордо жана (же) жыйынды таблицаларда каталар, ылайык келбестиктер табылган

же аймактык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына шектенүүлөр пайда болгон учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо комиссиясы тарабынан добуштарды кайра саноону жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кайра саноо Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөт. Добуштарды кайра саноодо талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар катышып турууга укуктуу. Шайлоочулардын добуштарын кайра саноонун жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол түзөт, ага «Добуштарды кайра саноо» деген белги коюлат. Протокол токтоосуз Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

8. Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коюлгандан кийин, участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуштарды саноого катышкан ар бир адамга добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдун мөөр менен күбөлөнгөн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**37-берене. Шайлоонун натыйжаларын аныктоонун тартиби**

1. Борбордук шайлоо комиссиясы түздөн-түз округдук шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен, добуш берүү күнүнөн тартып 20 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоонун натыйжаларын аныктайт.

Борбордук шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу жыйналышын өткөрөт, анда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү тартип бузуулар жөнүндө келип түшкөн бардык арыздарды (даттанууларды) карайт, ар бир арыз (даттануу) боюнча чечим кабыл алат.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары жөнүндө протокол түзөт, ага алардын негизинде шайлоонун натыйжалары аныкталуучу, түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын саны жөнүндө маалыматтар, ошондой эле төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорунун жалпы кошунду маалыматтары боюнча жыйынды таблица, келип түшкөн протоколдордун маалыматтары киргизилет.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан төмөнкү учурларда шайлоо болбой калды деп таанылат:

1) эгерде башка талапкерге караганда алда канча көп сандагы добуш алган талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны, шайлоочулардын бардык талапкерлерге каршы берилген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда кайра шайлоо өткөрүлөт;

2) эгерде талапкерлердин тизмесинин бири да мандаттарды бөлүштүрүүгө катышуу үчүн зарыл болгон сандагы добуштарды ала албаса;

3) эгерде талапкерлердин башка тизмесине караганда алда канча көп сандагы добуш алган талапкерлердин тизмеси үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны, шайлоочулардын бардык талапкерлердин тизмесине каршы берилген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда кайра шайлоо өткөрүлөт.

Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны белгиленген формадагы, добуш берүү үчүн үкөктөн алынган шайлоо бюллетендеринин саны, ал эми кошумча контролдоо зарыл болгондо - ошондой эле идентификациядан өткөнү жөнүндө чектер боюнча аныкталат.

4. Округдук, аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкү учурларда шайлоо участкасындагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп таанууга укуктуу:

1) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүнчүлүк бербеген бузуулар орун алса;

2) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында, шайлоочулардын эрктерин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар орун алса;

3) жогору турган шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

4) соттун чечими боюнча.

5) эгерде добуш берүү үчүн үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендери анык эмес деп таанылса.

Шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылган учурда, шайлоонун жыйынтыктары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Добуш берүүнүн жыйынтыктары бир же бир нече шайлоо участокторунда жараксыз деп таанылган учурда, алар шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизе турган болсо, ошол шайлоо участкаларында тиешелүү шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган күндөн тартып, 2 жумалык мөөнөттө кайра добуш берүү өткөрүлөт.

4-1. Эгерде шайлоолорго даярдануу, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө учурунда талапкер, саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын анык белгилөөгө мүмкүндүк бербеген бузуулар орун алса, же шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүлсө, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын анык эмес деп таанууга укуктуу.

Шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктоонун натыйжасында добуш берген күндөн кийин талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы анык эмес деп таанылган учурда, шайлоочулардын талапкерге, саясий партияга берген добуштары шайлоо бюллетендерин анык эмес бюллетендерге кошуу менен жараксыз деп таанылат. Мындай талапкер, саясий партия кийинки шайлоого катыша албайт.

Алар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылган талапкерге, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесине берилген шайлоочулардын добуштары депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнү эсептөө максаттары үчүн добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын катарында эсепке алынбайт.

5. Шайлоо участкасында ар бир талапкер, талапкерлердин тизмеси алган добуштардын санын так аныктоого мүмкүнчүлүк бербеген добуш берүүнүн, добуштарды саноонун, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол түзүүнүн тартибин бузуулар шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын анык белгилөөгө мүмкүнчүлүк бербеген тартип бузуулар деп түшүнүлөт.

Шайлоо участогунда добуш берүүнүн, добуштарды саноонун же добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоонун жүрүшүндө шайлоочулардын өз эркин билдирүүлөрүнө таасир эткен, добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууларына, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан бузуулар шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар деп түшүнүлөт.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжаларын анык эмес деп тааныйт:

1) эгерде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн бирин камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылса;

2) эгерде талапкер (талапкерлер), саясий партиянын (партиялардын)

талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүлөрдүн анык эмес деп таанылган жыйынтыктары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен ашыгын камтыса.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**37-1-берене. Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын, добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыялоонун тартиби**

1. Ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшкөнүнө жараша анын расмий сайтына токтоосуз жайгаштырылат, алар юридикалык мааниге ээ болбогон алдын ала маалымат болуп саналат.

2. Ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдор добуш берүү күнүнөн тартып 18 календардлык күндөн кечиктирбестен, Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.

3. Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмелери добуш берүү күнүнөн тартып 5 календардлык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.

4. Аймактык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдору добуш берүү күнүнөн тартып 19 календардлык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**38-берене. Кайра шайлоо**

1. Эгерде шайлоо жараксыз жана болбой калды деп таанылган, добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча талапкер, саясий партия шайланбай калган учурда, кайра шайлоо дайындалат. Кайра шайлоо бир айдын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан дайындалат жана тиешелүү шайлоо комиссиялары тарабынан өткөрүлөт. Талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин көрсөтүү жана каттоо, башка аракеттер, анын ичинде шайлоо боюнча шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрүн аныктоо, ушул конституциялык Мыйзамда жана Борбордук шайлоо комиссиясынын актыларында каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

Кайра шайлоону өткөрүү жөнүндө билдирүү кайра шайлоону дайындоо жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин 7 календардык күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

2. Кайра шайлоо өткөрүлгөн учурда, иш аракеттери шайлоону жараксыз деп таануу үчүн негиз болгон талапкерлер кайрадан шайлануучу орунга талапкерликке көрсөтүлүшү мүмкүн эмес.

3. Эгерде мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шайлоо комиссияларынын кызмат адамдарынын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) шайлоонун жыйынтыктарын жана (же) натыйжаларын жараксыз деп таануу үчүн негиз катары кызмат кылган учурда, кайра шайлоо шайлоого катышкан жана кайра шайлоого катышууну каалоолорун билдирген талапкерлердин, саясий партиялардын арасында өткөрүлөт.

**39-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын жарыялоо**

1. Аймагында шайлоо комиссиясынын иш аракети жайылтылган ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун натыйжалары шайлоо округу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын жана түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколунда камтылган маалыматтардын көлөмүндө, алардын талабы боюнча шайлоочуларга, талапкерлерге, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө таанышуу үчүн берилет.

Ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшүүсүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына токтоосуз жайгаштырылат. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылган добуш берүүнүн жыйынтыктарынын маалыматтары юридикалык мааниге ээ болбогон алдын алма маалымат болуп эсептелет.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпы маалыматтарды шайлоонун натыйжасы чыгарылгандан кийин бир күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберет.

3. Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле талапкерлердин, талапкерлердин тизмелеринин ар бири алган шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтарды; алардын негизинде аныкталган түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунда камтылган маалыматтарды кошуп алганда, Президенттик кызматка талапкерлердин ар бири, бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлер,

саясий партиялардын жана талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлер алган добуштардын, бардык талапкерлерге каршы, бардык саясий партияларга каршы добуштардын натыйжаларын расмий жарыялоо, шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 8-глава
## Шайлоону каржылоо

**40-берене. Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү каржылык камсыз кылуу**

1. Шайлоо комиссияларынын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча чыгымдары республикалык бюджеттин жана шайлоо комиссияларынын атайын фонддорунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Каржылоонун тартиби Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдарда аныкталат.

2. Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү программаларын, маалыматтык, билим берүү, илимий-изилдөө программаларын, шайлоону техникалык даярдоону, шайлоочулардын укуктук маданиятын жогорулатууну кошпогондо, чет мамлекеттердин, Кыргыз Республикасында катталган чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар болуп саналган юридикалык жактардын шайлоону каржылоосуна тыюу салынат.

**41-берене. Шайлоо фонддору**

1. Жарандар талапкерликке көрсөтүлгөн учурдан тартып жана каттоо үчүн документтерди бергенге чейин шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорун ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте түзөт.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия шайлоо комиссиясы тарабынан ушул конституциялык Мыйзамдын 54, 62-беренелеринде каралган тартипте, саясий партиянын каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катталгандан кийин, өзүнүн

шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн 5 календардык күндүн ичинде шайлоо фондун түзөт. Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон расмий баш тартылган учурда, шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттар аларды кайрымдуулук иретинде берүүнү жана которууну жүзөгө ашырган уюмдарга жана адамдарга кайтарылып берилет.

Талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар катталгандан кийин, шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо үчүн ачылган өздөрүнүн шайлоо фонддорунун эсептерин жүргүзүүнү улантат.

Талапкерлердин тизмесинин курамында талапкерлигин койгондор өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүүгө укуксуз.

2. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонду мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен төмөнкү каражаттардын, атап айтканда, төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин, саясий партиянын өз каражаттарынан;

- ушул берененин 3-бөлүгүндө саналган жактарды кошпогондо, жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн.

3. Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнө жол берилбейт:

- чет мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактарынын;

- жарандыгы жок адамдардын;

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;

- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;

- уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар, ошондой эле салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;

- аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;

- укук коргоо органдарынын, соттордун;

- кайрымдуулук менен алектенген уюмдардын;

- диний уюмдардын;

- атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын (атын атабай кайрымдуулук кылуучу болуп төмөнкү маалыматтардын бирин: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна мамлекеттик бюджеттин же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдында карызы бар юридикалык жактардын, юридикалык жак түзбөстөн ишкердикти жүзөгө ашыруучу жеке жактардын акча каражаттарын кошууларына жол берилбейт. Көрсөтүлгөн юридикалык, жеке жактар шайлоо фондуна акча каражаттарын которгон учурда талапкер, саясий партия жоопкерчилик тартпайт. Эгерде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана юридикалык жактар которгон акча каражаттары келип түшкөн учурда, соттун чечими боюнча банк же башка мекемелер, ал каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондуна которууга милдеттүү, ал өз кезегинде бул каражаттарды мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которот.

Эгерде кайрымдуулук ушундай кайрымдуулукту жасоого укугу болбогон жаран же юридикалык жак тарабынан берилген болсо, ушул берененин 3-бөлүгүнө ылайык ал кайрымдуулук берүүчүгө толугу менен кайра кайтарылууга тийиш.

Эгерде кайрымдуулук ушул конституциялык Мыйзамдын ушул беренесинин 2-бөлүгүнүн 54, 62-беренелеринин талаптарын бузуу менен жаран же юридикалык жак тарабынан берилген болсо, анда ал кайрымдуулук берүүчүгө толугу менен кайра кайтарылууга тийиш же ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген кайрымдуулуктун максималдуу өлчөмүнөн ашкан бөлүгү кайра кайтарылууга тийиш, мында кайра кайтаруунун себептери көрсөтүлөт.

Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайра кайтаруу менен байланышкан чыгымдар аларды берген жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

4. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонддоруна келип түшкөн акча каражаттары шайлоо дайындалган күнгө Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген эсептик көрсөткүчтөн саналат. Белгиленген өлчөмдөн ашык түшкөн акча каражаттары шайлоо фондуна чегерилүүгө жатпайт жана жарандарга жана уюмдарга кайтарылып берилет. Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарып

берүүгө байланышкан чыгымдар аларды чегерген жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

Талапкердин бардык чыгымдарынын жалпы чектик суммасы кайра добуш берүү өткөрүлгөн учурда шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен бир жарым эсеге көбөйтүлүшү мүмкүн.

5. Шайлоо фондун түзүүчү бардык акча каражаттары банктагы же башка мекемедеги атайын эсепке которулат. Ушул эсеп Борбордук шайлоо комиссиясынын уруксаты менен талапкер, саясий партия тарабынан ачылат. Шайлоо фонддоруна келип түшүүчү акча каражаттары улуттук валютада гана кабыл алынышы керек. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер эсептелбейт жана төлөнбөйт.

Талапкер, саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун бир гана атайын эсебин ачууга укуктуу.

6. Банк же башка мекемелердин тизмеси, көрсөтүлгөн эсептерди ачуунун, жүргүзүүнүн, шайлоо фонддорунун каражаттары боюнча эсепке алуунун жана отчеттуулуктун тартиби банк же башка мекемелер менен макулдашуу боюнча, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

7. Шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу аларды түзгөн талапкерлерге, саясий партияларга, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө таандык.

8. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу болот. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн гана пайдаланылышы мүмкүн.

9. Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана пайдаланылышы мүмкүн:

1) шайлоо алдындагы үгүткө, талапкерди колдоо үчүн кол чогултууга багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыздоого;

2) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо күрөөсүн төлөөгө;

3) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан жумуштарды аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө төлөөгө, атап айтканда, төмөнкүлөргө:

- маалыматтык жана консультациялык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөргө;

- үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга;

- жайларды, жабдууларды ижарага алууга;

- транспорттук жана иш сапар чыгымдарын жабууга;

- байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө;

- канцеляриялык товарларды, жабдууларды сатып алууга;

- жарыяларды жана талапкердин сүйлөгөн сөздөрүн жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоого;

- шайлоочулар менен шайлоо алдындагы чогулуштарды, жолугушууларды өткөрүүгө.

10. Жарандар жана юридикалык жактар талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоого көмөктөшүүчү иш аракеттерге шайлоо фонддору аркылуу гана каржылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө укуктуу. Юридикалык жактарга, алардын филиалдарына, өкүлчүлүктөрүнө, ошондой эле жеке адамдарга шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатууну бекер аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн бааларда аткарууга тыюу салынат. Талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары, байкоочулары, шайлоо комиссиялардагы өкүлдөрү, өздөрүнүн ыйгарым укуктарын, шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү бекер аткарууга укуктуу.

11. Талапкерлерге, саясий партияларга шайлоочулардын колун чогултууга, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө, башка шайлоо алдындагы иш чараларды жүзөгө ашырууга өздөрүнүн шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттардан тышкары акча каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат.

12. Банк же башка мекемелер Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча - күн сайын 24 сааттын ичинде талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясына берип турууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн маалыматтар келип түшкөнүнө жараша милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жекече маалыматтар жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен жайгаштырылуусу тийиш.

13. Талапкер өз талапкерлигин алып салган, саясий партия талапкерлердин тизмесин чакырып алган же талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо жокко чыгарылган (алынып салынган) талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тарткан учурда, шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттары аларды берген жарандарга жана уюмдарга токтоосуз кайтарылып берилүүсү тийиш.

Мында көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарып берүүгө байланыштуу чыгымдар аларды берген жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

14. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу белгилүү жумуштарды аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдер (макулдашуулар) талапкердин жеке өзү же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт. Талапкердин, саясий партиялардын атайын эсептеринен төлөөлөр боюнча келишимдер жана макулдашуулар добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнүнөн кеч түзүлүшү мүмкүн эмес.

Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсепте турган, чыгымдалбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча бардык финансылык операциялар добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен токтотулат.

Шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен байланышкан иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруу (берүү) үчүн талапкердин, саясий партиянын жана жеке, юридикалык жактардын ортосундагы эсептешүүлөр накталай эмес тартипте гана жүзөгө ашырылат.

14-1. Талапкер, саясий партия Кыргыз Республикасынын жарандары менен үгүт боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу жөнүндө келишимдерди төмөнкүдөй чектерде түзүүгө укуктуу:

- саясий партия, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер 10 000 үгүттөөчүдөн ашпайт;

- бир мандаттуу округдан талапкер 500 үгүттөөчүдөн ашпайт.

15. Кайра добуш берүү өткөрүүдө аларга карата кайра добуш берүү өткөрүлүп жаткан талапкерлердин атайын эсептери боюнча каржылык аткарымдар кайра добуш берүү күнү дайындалган күнү кайра ачылат.

16. Шайлоо күрөөсү Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга төмөнкүдөй учурларда кайтарып берилет:

1) бирдиктүү шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 1 пайыздан кем эмесин алгандарга, ошондой эле бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 пайыздан кем эмес добушун алгандарга, алар шайлоодон кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына өз фондунун өлчөмү жана аны түзгөн бардык булактар, ошондой эле бардык жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө отчет бергенден кийин;

2) эгерде Борбордук шайлоо комисиясы тарабынан Президенттин кызмат ордуна талапкерди, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса;

3) шайлоо бюлеттенининин тексти жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого андан ары катышуудан баш тарткандарга.

4) эгерде ушул бөлүктүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн отчет Борбордук шайлоо комиссиясына берилгенден кийин шайлоо өткөн жок же жараксыз деп таанылса.

Күрөөнүн калган суммасы бюджетке кошулууга тийиш.

16-1. Мыйзамдарды бузуунун натыйжасында добуш берген күнүнө чейин талапкерди, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоону жокко чыгарган учурда, ошондой эле ушул конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 41-бөлүгүндө каралган учурда талапкер, саясий партия тарабынан коюлган шайлоо күрөөсү кайтарылып берилбейт жана бюджетке чегерилет.

17. Атайын эсептеги чыгымдалбаган акча каражаттарынын калдыктары добуш берүү күнүнөн кийин талапкерлерге, саясий партияларга кайтарылып берилет.

18. Шайлоо фонддорунун каражаттарына, көрсөтүлгөн фонддорго ыктыярдуу кайрымдуулук менен берилген жана чегерилген каражаттарга, ошондой эле көрсөтүлгөн фонддордун чыгымдарына салык салуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

19. Шайлоо фондунун атайын эсеби талапкер, саясий партия жыйынтык финансылык отчетту бергенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын көрсөтмөсү боюнча банк же башка мекеме тарабынан жабылат.

20. Талапкерлер, саясий партиялар өздөрүнүн шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүгө жана тиешелүү финансылык отчетторду Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө милдеттүү. Финансылык отчеттордун тартиби, мөөнөттөрү жана формасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

21. Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат, шайлоо өнөктүгүн финансылоо жөнүндө талапкерлердин, саясий партиянын финансылык отчеттору, шайлоо күрөөлөрүнүн келип түшкөн жана кайра кайтарылган каражаттарынын суммасы жана мамлекеттик бюджетке которулган сумма жөнүндө маалымат жеке маалыматтар жана банктык сыр жөнүндө

мыйзамдарды эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2020-жылдын 11-ноябрындагы № 2, 2021-жылдын 15-июлундагы № 84, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**42-берене. Шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн каражаттардын, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарынын чыгымдалышын көзөмөлдөө**

1. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарын түзүүнүн жана чыгымдоонун тартибин көзөмөлдөө шайлоо комиссиялары тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын көзөмөлдөө, ошондой эле талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын келип түшүү булактарын, каражаттардын туура эсептелишин жана пайдаланылышын көзөмөлдөө, талапкерлердин, саясий партиялардын каржылык отчетторун текшерүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында саны 7 кишиден аз эмес көзөмөлдөө-текшерүү тобу түзүлөт. Көзөмөлдөө-текшерүү тобун уюштуруунун жана иштөө тартибин Борбордук шайлоо комиссиясы аныктайт.

3. Көзөмөлдөө-текшерүү тобуна төмөнкүлөр кирет: көзөмөлдөө-текшерүү тобунун жетекчиси, анын орун басары, көзөмөлдөө-текшерүү тобуна дайындалган шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, укук коргоо, каржылык жана башка мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана мекемелердин тартылган адистери. Көрсөтүлгөн органдар, уюмдар жана мекемелер, Борбордук шайлоо комиссиясынын суроо-талабы боюнча шайлоону дайындоо жөнүндө расмий чечим жарыяланган күндөн тартып 15 календардык күндөн кечиктирбестен адистерди анын карамагына жиберүүгө милдеттүү.

4. Тартылган адистер көзөмөлдөө-текшерүү тобунда иштеп жаткан убакытка негизги жумуштарынан бошотулат, аларга жумуш орду (кызматы), белгиленген кызматтык маянасы жана негизги иштеген жери боюнча башка төлөмдөр сакталат. Көрсөтүлгөн тартылган адистерге ошондой эле шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн каражаттардын эсебинен сыйлык акы төлөнүшү мүмкүн.

5. Көзөмөлдөө-текшерүү тобунун ишин уюштурууну, укуктук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну Борбордук шайлоо

комиссиясы жүзөгө ашырат.

6. Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Борбордук шайлоо комиссиясынын жазуу жүзүндөгү тапшырмасы боюнча:

1) талапкерлердин, саясий партиялардын, төмөн турган шайлоо комиссияларынын каржылык отчетторун текшерет;

2) талапкерлерден, саясий партиялардан, шайлоо комиссияларынан өзүнүн компетенциясына кирген бардык маселелер боюнча маалыматтарды суратат жана алат;

3) талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнү каржылоого, шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө түздөн-түз байланышкан башка иш чараларды жүзөгө ашырууларынын белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт;

4) көзөмөлдөө-текшерүү тобунун карамагына кирген бардык маселелер боюнча мамлекеттик органдарга, менчигинин түрүнө карабастан уюмдарга, ошондой эле жарандарга кайрылат, шайлоону каржылык камсыз кылууга байланыштуу зарыл маалыматтарды жана материалдарды суратып алат. Көзөмөлдөө-текшерүү тобунун кайрылууларына жооптор жана ал сураткан материалдар - 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнүнө 5 жана андан аз күн калганда жана добуш берүү күнү - токтоосуз берилет;

5) шайлоону каржылоодогу каржылык эреже бузуулар жөнүндө документтерди түзөт;

6) талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо өнөктүгүн каржылоодо алар тарабынан кетирилген эреже бузуулар үчүн талапкерлерге, саясий партияларга, ошондой эле жарандарга жана юридикалык жактарга карата жоопкерчилик чарасын колдонуу жөнүндө маселени тиешелүү шайлоо комиссиясынын алдына коет;

7) текшерүүлөрдү жүргүзүүгө, корутундуларды жана эксперттик баалоолорду даярдоого эксперттерди тартат.

*(КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 9-глава
## Шайлоо эркиндигинин кепилдиктери

### 43-берене. Шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын шайлоонун эркиндигин камсыз кылуу боюнча иштери

1. Шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары, прокуратура органдары, ички иштер органдары Конституциянын, ушул конституциялык Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын так сакталышын камсыз кылат.

2. Добуш берүү күнү жана анын алдындагы күнү соттор, прокуратура органдары, ички иштер органдары үчүн жумуш күнү болуп саналат. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерин тейлеген банк же башка мекемелер үчүн добуш берүү күнүнүн алдындагы күн жумушчу күн болуп саналат.

3. Ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында добуш берүүнү өткөрүүдө шайлоо комиссиялары талап кылган, ошондой эле коомдук тартип бузулган учурда, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча добуш берүү үчүн жайда коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

4. Мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка субъекттеринин жарандардын шайлоо укуктарын, ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузган чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык прокуратура органдарына, ички иштер органдарына, шайлоо комиссияларына же сотко даттанылышы мүмкүн.

Мында ушул бөлүктүн үчүнчү абзацында көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо, ички иштер органдары коомдук тартипти бузууга тиешелүү арыздарды (даттанууларды), ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралган, шайлоо процессинин субъекттеринин аракеттерине карата арыздарды кароо боюнча иштерди жүргүзөт.

Прокуратура органдары аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөйт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралган алардын иш-аракеттерине карата арыздарды (даттанууларды) карайт.

Ушул бөлүктүн үчүнчү абзацында көрсөтүлгөн адамдарды копшогондо, шайлоо комиссиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын чектеринде жоопкерчилиги каралган, шайлоо процессинин субъекттеринин иш-аракеттерине карата арыздарды мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чектеринде карайт.

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтор түзүлөт, алардын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет. Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтун негизги функциялары шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна карата ыкчам аракет көрүү жана көрүлүп жаткан чаралар тууралуу жарандарга маалымдоо болуп эсептелет.

Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтун иш тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

Мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алышат. Арыздар (даттануулар) жүйөлүү болуп, аларга негизделген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш.

5. Шайлоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо жүрүмүнүн башка субъекттеринин шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдындагы күнү токтоосуз каралуусу тийиш. Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Прокуратура органдары, ички иштер органдары арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.

6. Арыздары (даттанууларды) кароодон баш тартылган учурда, прокуратура органдары, ички иштер органдары баш тартуунун негиздерин баяндоо менен чечимдин көчүрмөсүн токтоосуз берүүгө милдеттүү.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**44-берене. Шайлоо жүрүмүнүн субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) даттануу**

1. Шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо жүрүмүнүн субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) жогору турган шайлоо комиссиясына, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) сотко даттанылышы мүмкүн.

2. Шайлоо комиссияларынын жарандардын шайлоо укуктарын бузган чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, коомдук байкоочулар, арыз (даттануу) менен кайрылышы мүмкүн.

*(Экинчи абзац КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3. Арыздарды (даттанууларды) ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо мыйзамдарын бузуулар жөнүндө маселе каралган башка учурларда, кызыкдар жактар же алардын өкүлдөрү кароонун күнү, убактысы жана орду жөнүндө кабарландырылат. Көрсөтүлгөн жактар каралып жаткан маселенин маңызы боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүгө жана далилдерди келтирүүгө укуктуу.

4. Участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо жүрүмүнүн субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) округдук, аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.

5. Шайлоо жүрүмүнүн субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) биринчи баскычтагы сотко, биринчи баскычтагы соттун чечими - Жогорку сотко даттанылат. Жогорку соттун чечими акыркы болуп саналат жана ага даттанууга болбойт.

7. Арыздар (даттануулар), шайлоо субъектине анын укуктары бузулганы, чечимдер кабыл алынганы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалганы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен берилет.

8. Шайлоонун даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары жана соттор тарабынан арыз

(даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнү - токтоосуз каралууга жатат. Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Чечимди кабыл алган органдын колу коюлган жана мөөрү басылып ырасталган чечим жазуу жүзүндө токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

9. Арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимге карата арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимине даттануу чечим чыгарылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет. Аракетсиздикке даттанылган учурда, арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын аракетсиздигине даттанганда аракет көрүү керек болгон күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет.

10. Жогору турган шайлоо комиссиясы төмөн турган шайлоо комиссиясынын чечимин күчүндө калтырат же аны жокко чыгарат жана арыздын (даттануунун) маңызы боюнча чечим кабыл алат.

11. Сот арыздардын (даттануулардын) негиздүүлүгүн белгилейт жана талашылган чечимдерди, аракеттерди (аракетсиздиктерди) мыйзамсыз деп тааныйт жана Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгарат, же болбосо эгерде талашылган чечимдер, аракеттер (аракетсиздиктер) мыйзамдуу болуп саналары аныкталса, арыздарды (даттанууларды) канааттандыруудан баш тартылат.

12. Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөтү чечим кабыл алынгандан, аракет (аракетсиздик) жасалгандан кийинки күнү башталат. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

13. Талаш-тартыштарды кароо менен байланышкан материалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сакталууга тийиш.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**45-берене. Шайлоо комиссиялардын добуш берүү жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тууралуу чечимдерине даттануу**

1. Шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө чечимдерине талапкерлер, талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партиялар, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана байкоочулар арыздар (даттануулар) менен кайрыла алышат.

2. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө тууралуу участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине округдук, аймактык шайлоо комиссияларына даттанылат; округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерине Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат; Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерине биринчи инстанциядагы сотко даттанылат; биринчи инстанциядагы соттун чечимдерине Жогорку сотко даттанылат.

3. Арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыгы белгиленген же шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып, 3 календардык күндүн ичинде берилет.

4. Келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө каралууга жатат. Эгерде арызда (даттанууда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Чечимди кабыл алган орган тарабынан кол коюлган жана мөөрү басылып ырасталган чечим жазуу жүзүндө токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

5. Кабыл алынган чечимдерге арыздар (даттануулар) чечим кабыл алынган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.

6. Сот ушул конституциялык Мыйзамда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоонун натыйжаларын аныктоо тууралуу чечимин жокко чыгарышы мүмкүн.

7. Соттун чечими чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет жана мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коммерциялык эмес уюмдар, кызмат адамдары, шайлоо комиссиялары жана шайлоо жүрүмүнүн башка катышуучулары үчүн аткарылууга милдеттүү.

Сот тарабынан кабыл алынган жүйөлүү чечим токтоосуз арыз ээсине, жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

Ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө кассациялык даттануусунун берилиши, Борбордук шайлоо комиссиясынын биринчи инстанциядагы соттун чечимин аткаруусун токтото турат.

8. Биринчи инстанциядагы соттун чечимине даттануу соттун чечими чыгарылган учурдан тартып, 3 календардык күндүн ичинде берилиши мүмкүн.

9. Райондук (шаардык) соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимине даттануу көзөмөлгө алуу тартибинде Жогорку сотко келип түшкөн күндөн тартып, 5 календардык күндүн ичинде каралат.

Кассациялык даттануусу Жогорку сотко алып келинет, ал милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлүн чакырат.

Соттун чечимине кассациялык даттануусу чечим чыгарган тиешелүү сот аркылуу алып келинет. Даттанууну түздөн-түз кассациялык инстанциясына берүү даттанууну кароо үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Кассациялык инстанциясынын сотунун токтому чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет, акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

10. Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр бүткөндөн кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

11. Талаш-тартыштарды кароо менен байланышкан материалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сакталууга жатат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**46-берене. Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу, шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө чечимдерин жокко чыгаруу үчүн негиздер**

1. Шайланган талапкердин каттоосу, талапкер өзүнүн пассивдүү шайлоо укугу жок экени тууралуу маалыматтарды жашырып койгонунун, анын ичинде талапкердин мыйзамда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттолгондугу же ушул конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган жагдайлардын бар экени жөнүндө, ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргени жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканы же жоготкону жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандыгы жөнүндө, колдонуудагы

мыйзамдарда белгиленген негиздерде анын башка пассивдүү шайлоо укугу жок экени тууралуу маалыматтар талапкер тарабынан жашырган фактылары далилденген учурларда, ошондой эле талапкер каза болгон учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жокко чыгарылат.

2. Талапкердин каттоосу төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

1) ушул конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 6-бөлүгүндө жана 61-беренесинин 10-бөлүгүнүн биринчи абзацында белгиленген мөөнөттөрдө талапкер өзүнүн талапкерлигин алып салуу жөнүндө арыз бергенде;

*2) (КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо талапкер шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары, талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда, же талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашык чыгымдаганда;

4) ушул конституциялык Мыйзамдын 21, 53 жана 61-беренелеринде белгиленген талаптар бузулганда;

5) талапкер, анын өкүлдөрү талапкерди шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбей тургандыгы жөнүндө ушул конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптарды бузганда;

6) талапкердин, анын өкүлдөрүнүн ушул конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз катышуу фактылары далилдегенде;

7) талапкердин, анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын, ошондой эле жакын туугандарынын шайлоочуларды сатып алуу же ага катышуу, же ушул конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө белгиленген бузууларга катышуу фактылары далилденгенде;

8) талапкерге карата соттун айыптоо өкүмүнүн күчүнө кириши.

3. Талапкерлердин тизмесинин каттоосу төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

1) эгерде саясий партиянын төмөнкүдөй арызы Борбордук шайлоо комиссиясына добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен жазуу жүзүндө келип түшсө, саясий партия талапкерлердин тизмесин кайра чакыртып алганда жана шайлоого катышуудан баш тартканда;

2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо саясий партия шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда же саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда;

3) ушул конституциялык Мыйзамдын 21, 53 жана 61-беренелеринде белгиленген талаптар бузулганда;

4) саясий партиянын жетекчилиги, талапкерлер тарабынан талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги жөнүндө ушул конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптар бузулганда;

5) саясий партиянын аткаруу органынын жетекчилигинин же кызматкерлеринин, талапкерлердин, саясий партиянын өкүлдөрүнүн ушул конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз катышы бар экендигинин фактылары ырасталганда;

6) саясий партиянын жетекчилигинин, аткаруу органынын кызматкерлеринин, талапкерлердин, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, саясий партиянын ишенимдүү адамдарынын, саясий партиянын атынан чыккан байкоочулардын шайлоочуларды сатып алуу же алардын шайлоочуларды сатып алууга катышы бар экенинин фактылары далилденгенде.

4. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Президентти шайлоонун жыйынтыктары аныкталгандан кийин жана шайланган талапкерге мандатты тапшырганга чейин, ушул талапкерде пассивдүү шайлоо укугу болбогондугу тууралуу, анын ичинде, анда мыйзамда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттолгондугу бар экени жөнүндө, ага карата соттун айыптоочу өкүмү күчүнө киргени жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканы же жоготкону жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандык экени жөнүндө маалыматтар ырасталган, ошондой эле талапкер каза болгон учурда, шайлоонун натыйжалары жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясы же сот тарабынан жокко чыгарылат жана шайлоо жараксыз деп таанылат.

Эгерде Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктагандан кийин жана шайланган талапкерди Жогорку Кеңештин депутаттыгына каттаганга чейин анда пассивдүү шайлоо укугунун жок экени тууралуу, анын ичинде, мыйзамда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттолгону бар экени жөнүндө, ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргени жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканы же жоготкону жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандык экени жөнүндө маалыматтар ырасталган, ошондой эле ал каза болгон учурда, ушул шайланган талапкерди каттоо жөнүндө чечим кабыл алынбайт. Бул учурда ушул конституциялык Мыйзамдын 65-беренесинин талаптарын эске алуу менен, ушул саясий партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги кийинки шайланган талапкер катталат.

5. Ушул беренеде көрсөтүлгөн негиздер шайланган талапкерди, анын ичинде талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу, шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын чечимдерин жокко чыгаруу үчүн толук жетиштүү болуп саналат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**47-берене. Шайлоо укуктарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөнкү адамдар жазык же башка жоопкерчиликтерди тартат:

1) күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башка ыкма менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо жана шайлануу укугун жүзөгө ашырышына тоскоолдук кылган, же болбосо добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузган; же жарандардын шайлоочулардын тизмеси менен таанышууга укугун бузган; же жарандарды талапкерди колдоп кол коюуга мажбурлаган же аларга тоскоолдук кылган, ошондой эле кол коюу маалыматтарын оңдоого катышкан, же шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашыргандар;

2) шайлануу максатында өзүнүн административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалангандар же каттоого алынган шайлоочулар (шайлоочулардын тизмеси) жөнүндө маалыматтарды өз учурунда түзбөгөндөр жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү шайлоо комиссияларына жөнөтөр алдында тактабагандар; же шайлоону каржылоо эрежелерин бузгандар, анын ичинде, шайлоо комиссияларына каражаттарды которууну кармагандар; же жарандарга башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн шайлоо бюллетендерин

бергендер; же шайлоо документтерин жасалма жасоону жүзөгө ашыргандар, билип туруп жалган документтерди түзгөн жана бергендер; же билип туруп добуштарды туура эмес саноону же билип туруп добуш берүүнүн жыйынтыктарын туура эмес белгилөөнү, шайлоонун натыйжаларын туура эмес аныктоону жүзөгө ашыргандар; өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерге карабастан, добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун натыйжалары тууралуу маалыматтарды бербегендер же жарыялабагандар;

3) талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө жалган маалыматтарды билип туруп таркаткандар, же талапкерлердин, алардын жакын туугандарынын жана талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген башка аракеттерди жасагандар, же болбосо шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, эл аралык байкоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн укуктарын, анын ичинде маалыматтарды жана шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн өз убагында алуу укуктарын бузгандар; же байкоочуларды, эл аралык байкоочуларды, талапкерлерди, талапкерлердин, саясий партиялардын тизмесин, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн каттоодон негизсиз баш тарткандар; шайлоо участкаларында шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылгандар; же шайлоо алдында үгүт жүргүзүү эрежелерин бузгандар, анын ичинде добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнү жана добуш берүү күнү үгүт жүргүзгөндөр; алардын өз милдеттерин аткарууларына байланыштуу шайлоо комиссияларынын жумушуна тоскоолдук кылгандар же мыйзамсыз кийлигишкендер; добуш берүүчү жайдан шайлоо бюллетендерин алып чыккандар; же шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө отчетторду, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каржылык отчетторун жана шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө каржылык отчетторун бербегендер же жарыялабагандар, ошондой эле шайлоого катышуу үчүн ушул конституциялык Мыйзамда каралган өргүүнү берүүдөн баш тарткан жумуш берүүчүлөр.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 10-глава
## Президентти шайлоо

### 48-берене. Президентти шайлоону дайындоо

1. Президентти кезектеги шайлоо иштеп жаткан Президенттин ал шайланган мөөнөттөгү ыйгарым укуктары аяктоочу жылдын октябрь айынын үчүнчү жекшембисинде өткөрүлөт жана шайлоо күнүнө чейин 4 ай калгандан кечиктирбестен Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалат.

2. Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо Конституцияда каралган учурларда, иштеп жаткан Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалат жана иштеп жаткан Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып 3 айлык мөөнөттө өткөрүлүшү керек. Бул учурда ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоо иш аракеттеринин мөөнөттөрү чейрекке кыскартылат.

3. Эгерде Жогорку Кеңеш Президентти шайлоону же мөөнөтүнөн мурда шайлоону ушул березенин 1 жана 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө дайындабаган учурда, Президентти шайлоо же мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган болуп эсептелет. Мындай учурларда шайлоону дайындоонун мөөнөтү аяктаган күндөн кийинки күн шайлоонун дайындалган күнү болуп эсептелет.

4. Борбордук шайлоо комиссиясы ушул березенин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыкканда, шайлоону өткөрүү күнү дайындалган болуп эсептелгенден тартып 2 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына Президентти шайлоону же мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүнүн күнүн расмий жарыялайт жана ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттө шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 49-берене. Президенттин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү тартиби

1. Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин саны чектелбейт. Шайлоочулардын 30 миңден кем эмес колун топтогон жана өз шайлоо фондунун каражатынан Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эсе өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төккөн адам Президенттикке талапкер болуп каттала алат.

2. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн кийинки күнү башталат жана шайлоо күнүнө чейин 75 календардык күн калганда аяктайт.

3. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү укугу өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан жарандарга, ошондой эле шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө карата белгиленген тартипте катталган саясий партияларга таандык.

Саясий партияларды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндө функцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу бийликтин аткаруу бутагынын мамлекеттик органы катталган саясий партиялардын тизмесин түзөт жана шайлоону дайындоо жөнүндө чечим күчүнө кирген күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен, ар бир саясий партиянын жетекчисин, саясий партиянын мүчөлөрүн көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоочу булактарга тизмени жарыялайт жана ошол эле мөөнөттө аталган тизмени Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтөт.

4. Саясий партия тарабынан Президенттин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү анын уставында каралган тартипте, саясий партиялар жөнүндө мыйзамдардын жана ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат. Талапкер тапшырылган документтердин ишенимдүүлүгү үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

Саясий партиянын талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечиминин протоколу талапкердин Президенттин кызмат ордуна талапкер болууга макулдугу жөнүндө арызын тиркөө менен саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына машина менен окуй турган түрдө тапшырылат.

Борбордук шайлоо комиссиясы документтерди берген адамга аларды алгандыгы тууралуу жазуу жүзүндө ырастама (маалымдама) берүүгө милдеттүү.

Ырастама (маалымдама) документтер тапшырылгандан кийин токтоосуз берилет.

5. Президенттин кызмат ордуна талапкерликке көрсөтүү үчүн талапкер же талапкерди көрсөткөн саясий партия Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкүдөй документтерди (Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген форма боюнча басылма түрүндө) берет:

1) өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен Президенттин кызмат ордуна талапкер болууга ниеттенгендиги жөнүндө талапкердин арызын;

2) талапкер саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн учурда - Президенттин кызмат ордуна аталган саясий партиядан талапкер болуп көрсөтүлүүгө макулдугу жөнүндө талапкердин арызын тиркөө менен саясий партиянын талапкерди көрсөтүү тууралуу чечиминин протоколу, ошондой эле саясий партиянын уставынын жана саясий партияны мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;

3) паспорттун көчүрмөсүн;

4) ушул конституциялык Мыйзамдын 51-беренесинде каралган сертификатты;

5) төмөнкүдөй документтерди:

- башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги тууралуу;

- талапкердин кайсыл бир учурда соттолгондугу, соттуулугу бар экендиги жөнүндө, эгерде талапкер колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде кылмыш деп таанылган жосундары үчүн тиешелүү мыйзам актыларына ылайык соттолгон болсо, талапкердин соттолуусуна негиз болгон Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренесинин (беренелеринин) номерин (номерлерин) жана аталышын (аталыштарын), чет мамлекеттин мыйзамынын беренесин (беренелерин) көрсөтүү менен, же соттуулугунун жоктугу жөнүндө;

6) жеке маалыматты, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгынын (анын ичинде мурдагы жарандыктары, башка жарандыгы) бар же болбосо жоктугу жагынан маалыматтарды топтоого жана талдап чыгууга жазуу жүзүндөгү макулдукту.

6. Талапкер ооруп калган, шектүүлөрдү жана айыптууларды кайтаруу алдында кармоочу жайларда жаткан учурларды кошпогондо, ал ушул берененин 5-бөлүгүндө каралган документтерди Борбордук шайлоо комиссиясына жеке өзү тапшырууга милдеттүү (мында талапкердин арыздагы колунун аныктыгы нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүүшү керек же талапкер дарыланып жаткан стационардык дарылоо-алдын алуу мекемесинин администрациясы, ал шектүү же айыпталуучу катары камакта кармалган мекеменин администрациясы тарабынан жазуу жүзүндө күбөлөндүрүлүүгө тийиш). Талапкердин өтүнүчү боюнча документтерди берүүгө адамдын ыйгарым укуктары талапкер нотариат жөнүндө мыйзамдарга ылайык берген ишеним кат менен ырасталууга тийиш.

Шайлоо документтерин берүү, аларда камтылган маалыматтардын толуктугу жана ишенимдүүлүгү үчүн, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен берилүүчү документтердин тариздeлишинин шайкештиги үчүн жоопкерчиликти талапкер жана көрсөтүү тартибине карабастан саясий партия тартат.

Жазык же башка жоопкерчиликке алып келүүчү мыйзамдар бузулган белгилер табылган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы укук бузуу фактысын аныктоо жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени чечүү үчүн тиешелүү документтерди жана материалдарды укук коргоо органдарына же башка ыйгарым укуктуу органдарга, сотко жөнөтөт.

7. Борбордук шайлоо комиссиясы ушул березенин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөн бардык документтер берилгенден кийин, документтерди берген адамга аларды алгандыгы жөнүндө берилген документтердин алынган датасын жана тизмесин көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү ырастаманы (маалымдаманы) токтоосуз берүүгө милдеттүү.

8. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы талапкердин документтеринде толук эместик жана (же) ылайык эместиктер бар экендигин тапса, документтерди алгандан кийин 48 сааттын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерге же талапкерди көрсөткөн саясий партияга табылган ылайык эместиктер жөнүндө билдирет. Талапкер же саясий партия билдирүүнү алган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл документтерди, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерди Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө укуктуу.

Эгерде талапкер 48 сааттын ичинде зарыл болгон же оңдолгон документтерди бербесе, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерге документтерди кайтарып берет, мында мурда берилген жазуу жүзүндөгү ырастама (маалымдама) жараксыз деп эсептелет. Документтерди кайтарып берүү ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн чегинде талапкерди кайталап көрсөтүүгө тоскоолдук кылбайт.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**50-берене. Президенттин кызматына талапкерге карата коюлуучу талаптар**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

2. Бир эле адам эки мөөнөттөн ашык Президент болуп шайлана албайт.

3. Президент болуп 35 жаштан төмөн эмес, чет мамлекеттин жарандыгы жок, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат.

4. Президенттин кызмат ордуна талапкердин Конституцияда ага карата коюлган талаптарга ылайыктуулугун Борбордук шайлоо комиссиясы ушул конституциялык Мыйзамдын 49-беренесинин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтер алынгандыгы тууралуу жазуу жүзүндөгү ырастаманы (маалымдаманы) талапкерге берген учурдан тартып 10 календардык күндүн ичинде аныктайт. Мында Президенттин кызмат ордуна талапкердин Кыргыз Республикасында жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашагандыгы тууралуу факт чек аралар боюнча ыйгарым укуктуу органдын жана калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалыматынын негизинде белгиленет.

Борбордук шайлоо комиссиясы көрсөтүлгөн талапкер Конституциянын жана ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келерин ырастаган маалымдаманы көрсөтүлгөн талапкерге берүүгө милдеттүү.

5. Борбордук шайлоо комиссиясы Конституциянын жана ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келген көрсөтүлгөн талапкерлердин маалыматтарын (фамилиясы, аты, атасынын аты) аны көрсөткөн субъектти (өзүн-өзү көрсөтүү, саясий партия) көрсөтүү менен расмий сайтка жарыялайт.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**51-берене. Президенттин кызмат ордуна талапкердин мамлекеттик тилди билүүсүн аныктоо**

1. Президенттин кызмат ордуна талапкер Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген, мамлекеттик тилди билүүнүн деңгээлин аныктоо тутумунун талаптарына ылайык «Ортодон жогору» деңгээл катары мүнөздөлүүчү, карым-катыштын бардык чөйрөлөрүндө кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн коммуникативдик компетенциянын деңгээлинде мамлекеттик тилди билүүгө тийиш. Тилди билүүнүн деңгээли белгиленген үлгүдөгү сертификат (мындан ары - мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу сертификат) менен ырасталат.

2. Мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу сертификат ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же мамлекеттик тилди билүү деңгээлине баа берүү чөйрөсүндөгү мекеме тарабынан тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча берилет.

*3. (КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**52-берене. Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон колдорду чогултуу**

1. Президенттин кызмат ордуна талапкер 30 миңден кем эмес шайлоочунун колу менен колдоого алынууга тийиш.

2. Кол чогултуу талапкердин шайлоо фонду түзүлгөн күндөн тартып жүргүзүлөт жана талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан уюштурулат. Кол коюу барактарын даярдоо жана кол чогултуу менен байланышкан бардык чыгымдар талапкердин шайлоо фонду аркылуу гана жүргүзүлөт. Талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу кол коюу барактарын даярдоо акысы төлөнгөн күндөн тартып башталат.

3. Кол активдүү шайлоо укугуна ээ шайлоочулардын арасында гана чогултулат. Шайлоочулардын колдорун чогултуу иштеген, кызмат өтөгөн, окуган, жашаган жерлерде, шайлоо алдындагы иш-чараларда, ошондой эле ушул конституциялык Мыйзамда үгүттөөгө жана кол чогултууга тыюу салынбаган башка жерлерде жүргүзүлөт.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчигин түрүнө карабастан уюмдардын башкаруу органдарынын, мекемелердин, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн кол чогултууга катышуусуна, ошондой эле шайлоочуларды кол чогултуу процессине мажбурлоого жана кол койгондугу үчүн аларга сыйакы төлөөгө жол берилбейт.

4. Шайлоочулардын колдорун чогултуу укугу Кыргыз Республикасынын жашы жеткен, аракетке жөндөмдүү жаранына таандык.

5. Шайлоочулар ар башка талапкерлерди колдоп кол коюуга, бирок бир эле талапкерди колдоп бир гана жолу кол коюуга укуктуу.

6. Кол коюу барагынын формасы, колдорду чогултуунун жана текшерүүнүн тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

Мында берилген колдордун саны шайлоочулардын 60 миң колунан ашууга тийиш эмес.

7. Президенттикке талапкерди колдоп кол чогултуу боюнча кол коюу барактары мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эселенген өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн ырастаган

документ менен бирге ыйгарым укуктуу өкүлдөр тарабынан шайлоо күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берилет. Борбордук шайлоо комиссиясы 10 күндүк мөөнөттө каттоо кызматтарынын кызматкерлерин жана сот-эксперттик иш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эксперттерин тартуу менен коюлган колдордун аныктыгын текшерет. Кол коюу барактарын кабыл алууда Борбордук шайлоо комиссиясы ар бир кол коюу барагын мөөр менен күбөлөндүрөт жана кол коюу барактары кабыл алынгандыгы жөнүндө жазуу түрүндө ырастама берет.

8. Коюлган колдордун аныктыгын текшерүү ушул беренинин 1-бөлүгүнө ылайык Президентикке талапкерге зарыл болгон сандагы ишенимдүү колдорду аныктаганга чейин жүргүзүлөт.

Текшерүү жүргүзүүнүн ар бир учуру жөнүндө каттоо үчүн колдорду тапшырган бардык талапкерлер кабарландырылышы керек. Коюлган колдорду текшерүүдө колдордун белгиленген санын тапшырган бардык талапкерлер же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катышууга укуктуу.

9. Эгерде ушул беренеде каралган талаптар сакталбаса, кол коюу барактары жараксыз деп эсептелет.

10. Борбордук шайлоо комиссиясы жекече маалыматтарды жана кол коюу барактарында көрсөтүлгөн жарандардын башка маалыматтарын текшерүүнү, анын ичинде мыйзамдарга ылайык ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын колдонуу менен текшерүүнү жүзөгө ашырат.

11. Борбордук шайлоо комиссиясы текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча талапкерге, анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө талапкерди колдогон шайлоочулардын ишенимдүү колдорунун Конституцияда жана ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген санын тапшыргандыгын ырастаган Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген үлгүдөгү документти берет.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**53-берене. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо**

1. Каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо күнүнө чейин 45 календардык күндөн кечиктирбестен ушул конституциялык Мыйзамдын 49-беренесине жана 52-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык мурда берилген документтерге толуктоо катары Борбордук шайлоо комиссиясына биографиялык маалыматтары бар анкетаны берет.

Борбордук шайлоо комиссиясы бардык документтер берилгенден кийин документтерди берген адамга токтоосуз түрдө аларды алгандыгы тууралуу, алган датасын жана берилген документтердин тизмесин көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү ырастама (маалымдама) берет.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде аларды текшерет жана талапкерди каттоо жөнүндө чечим чыгарат. Так эместиктер же жетишпеген документтер табылган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы жетишпеген документтерди толуктоо же каталарды оңдоо жөнүндө жазуу жүзүндө корутунду берет. Документ берген адам жазуу жүзүндөгү корутунду алынган күндөн тартып 3 күндүн ичинде жетишпеген документтерди толуктоого же кетирилген каталарды оңдоого милдеттүү. Жазуу жүзүндөгү корутундуда көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса, Борбордук шайлоо комиссиясы каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим чыгарат.

3. Каттоодон баш тартуунун негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) ушул конституциялык Мыйзамга ылайык талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө;

2) талапкерди колдоп берилген шайлоочулардын ишенимдүү колдорунун санынын жетишсиздиги;

3) талапкердин пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

4) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген учурларда талапкер өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;

5) ушул конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптарды сактабагандык.

Эгерде талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү ушул беренеде көрсөтүлгөн каттоо үчүн зарыл болгон документтердин баарын бербесе, бирок каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин аларды кошумча берсе, шайлоо комиссиясы талапкерди каттоого милдеттүү.

4. Талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы ал кабыл алынган учурдан тартып бир сутка аралыгында талапкерге же болбосо саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнө баш тартуунун негизин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн чечим 5 күндүк мөөнөттө сотко даттанылышы мүмкүн.

5. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо шайлоо күнүнө чейин 35 календардык күн калганда аяктайт.

6. Президенттин кызмат ордуна талапкер кандай болбосун убакта,

бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу, бул тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына жеке өзү жазуу жүзүндө арыз берет же өз өкүлү аркылуу нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын жөнөтөт. Көрсөтүлгөн арыздын негизинде талапкерди каттаган Борбордук шайлоо комиссиясы талапкердин каттоосун жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алууга милдеттүү.

7. Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерлерди каттагандан кийин 5-календардык күндөн кечиктирбестен ар бир талапкердин фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын, иштеген жана жашаган жерин, ошондой эле анын партиялык таандыктыгы жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен каттоо жөнүндө билдирүүнү басма сөзгө жарыялайт.

8. Борбордук шайлоо комиссиясы каттагандан кийин 2 календардык күндүн ичинде талапкерлерге катталган датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү күбөлүктөрүн берет.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**54-берене. Президенттин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фонду**

1. Президенттин кызмат ордуна көрсөтүлгөн талапкердин Конституциянын, ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугу жөнүндө маалымдама Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан берилгенден кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн, ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өзүнүн шайлоо фондун түзөт.

2. Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынуучу үгүттүк-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) эсептик көрсөткүчтөн 150000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, талапкердин өз каражаттарынан;

2) эсептик көрсөткүчтөн 500000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, талапкерге саясий партия тарабынан бөлүнгөн каражаттардан;

3) алардын ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, жеке жактардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн;

4) алардын ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, юридикалык жактардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн.

Талапкердин шайлоо фондунан келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы 2000000 жолудан көп эсептик көрсөткүчтөн ашпоосу керек.

Шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасынан ашырып жиберүү мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келет.

*3. (КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**55-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана Президентти шайлоонун натыйжаларын аныктоо**

1. Участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде аймактык шайлоо комиссиялары өз жыйналыштарында өз аймактарындагы шайлоонун жыйынтыктарын чыгарат жана документтерди токтоосуз Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо күнүнөн кийин 20 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен Президентти шайлоонун натыйжаларын аныктайт. Эгерде добуш берүүнүн жыйынтыктарына ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте даттанылган учурда, шайлоонун натыйжаларын аныктоо алар сот тарабынан биротоло каралганга чейин токтотулуп турат.

3. Добуш берүүнүн биринчи турунда шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын добуштарынын жарымынан көбүн алган талапкер Президенттин кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

**56-берене. Кайра добуш берүү**

1. Эгерде шайлоо бюллетенине Президенттин кызмат ордуна экиден ашык талапкер киргизилсе жана алардын бири да шайланбай калса, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын кыйла көп добушун алган эки талапкер боюнча кайра добуш берүүнү дайындайт.

2. Кайра добуш берүү ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарын сактоо менен, шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 күндүн ичинде өткөрүлөт. Кайра добуш берүү күнү жөнүндө билдирүүнү Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт.

3. Эгерде кайра добуш берүүнү өткөргөнгө чейин Президенттин кызматына талапкердин бири чыгып кетсе, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча, жалпы шайлоодо алгачкы жолу кайра добуш берүү дайындалган талапкерлерден кийин, шайлоочулардын кыйла көп добушун алган талапкер кайра добуш берүү өткөрүү үчүн экинчи талапкер деп таанылат. Эгерде башка талапкерлер калбаган учурда, шайлоо бир талапкер боюнча өткөрүлөт.

4. Кайра добуш берүүдө шайлоочулардын добушунун кыйла көбүрөөк санын алган талапкер шайланды деп эсептелет.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**57-берене. Кайра шайлоо**

Шайлоо жараксыз деп таанылган учурда, ошондой эле эгерде шайлоо бюллетенине эки талапкер киргизилип жана алардын бири да шайланбай калса, же кайра добуш берүүдө бир да талапкер шайланбаса, Жогорку Кеңеш бир айдын ичинде Президентти кайра шайлоону дайындайт.

Кайра шайлоо ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө өткөрүлөт.

Кайра шайлоо өткөрүү жөнүндө билдирүү тиешелүү чечим кабыл алынгандан кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

**58-берене. Президенттин кызматына киришүүсү**

1. Шайланган Президент шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде Жогорку Кеңештин депутаттарынын катышуусунда Кыргызстан элине төмөнкүдөй мазмундагы ант берет:

«Мен ..., Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматына киришип жатып, Кудайдын жана элимдин алдында мамлекет башчысынын ыйгарым укуктарын адилеттүү ишке ашырууга, адамдын жана жарандын укуктарын коргоого, Кыргыз Республикасынын Конституциясын так аткарууга, элибиздин биримдигин жана мамлекетибиздин бүтүндүгүн жана коопсуздугун сактоого ант беремин.».

Ант Президент тарабынан мамлекеттик тилде берилет.

Президенттин ант берүү аземи республикалык телекөрсөтүү жана радио боюнча алып берилет.

2. Президентти шайлоонун натыйжаларын жалпыга маалымдоо каражаттарына расмий жарыялоо Борбордук шайлоо комиссиясы 3 календардык күндүн ичинде жүзөгө ашырат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы шайланган Президентти каттайт жана Президенттин кызмат ордуна киришип жатканда, ага Президент болуп шайланганы тууралуу ырастама, айырмалоо белгилерин - Президенттин төш белгисин жана фамилиясы, аты, атасынын аты, ыйгарым укуктарынын мөөнөтү чегилип жазылган Штандартын (желегин) тапшырат.

*(КР 2011-жылдын 25-ноябрындагы № 221 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 11-глава
## Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо

### 59-берене. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону дайындоо

1. Жогорку Кеңештин депутаттары 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

Жогорку Кеңештин 54 депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык тутум боюнча шайланат.

Жогорку Кеңештин 36 депутаты бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык тутум боюнча шайланат.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

- пропорционалдык тутум боюнча - саясий партияларга;

- мажоритардык тутум боюнча - саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

2. Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат.

3. Жогорку Кеңешке кезектеги шайлоолор Президент тарабынан добуш берүү күнүнө 100 календардык күн калгандан эрте эмес жана 90 календардык күн калгандан кеч эмес дайындалат. Учурдагы чакырылыштагы Жогорку Кеңеш шайланган конституциялык мөөнөт аяктаган айдын жекшемби күнү добуш берүү күнү болуп саналат. Жогорку Кеңеш шайланган конституциялык мөөнөт ал шайланган күндөн тартып эсептелет. Добуш берүүнүн натыйжасында ал ыйгарым укуктуу курамда шайланган күн Жогорку Кеңештин шайланган күнү болуп саналат.

4. Президент Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону Жогорку Кеңеш өзүн-өзү тараткан учурда жана Конституцияда каралган учурларда - ал чечим кабыл алынган же Жогорку Кеңеш өзүн-өзү тараткан күндөн тартып 5 күндүк мөөнөттө дайындайт.

*(Абзац КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирине кыскарат.

5. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо күнүн дайындоо жөнүндө Президенттин Жарлыгы кол коюлган күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялануусу тийиш.

6. Эгерде Президент ушул berененин 3 жана 4-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону дайындабаган учурда, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо дайындалды деп эсептелет. Борбордук шайлоо комиссиясы 2 календардык күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарында Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү күнүн расмий жарыялайт жана ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдө шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат.

7. Тийиштүү шайлоо округдарында чыгып кеткендердин ордуна бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде ушул конституциялык Мыйзам менен белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан өткөрүлөт. Жогорку Кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешке шайланган мөөнөтү аяктаганга чейин бир жыл же болбосо бир жылдан аз калганда чыгып кеткен учурда, чыгып кеткендердин ордуна депутат-тарды шайлоо өткөрүлбөйт.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**60-берене. Пропорционалдык тутум боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү тартиби**

1. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө 45 календардык күн калганда аяктайт.

2. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөтүү укугуна юстиция органдарында белгиленген тартипте

каттоодон өткөн жана\же кайра каттоодон өткөн саясий партиялар ээ болот. Аткаруу бийлигинин саясий партияларды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү ишмилдеттерди жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы каттоодон өткөн саясий партиялардын тизмесин түзөт жана шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен, ар бир саясий партиянын жетекчисин көрсөтүү менен, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары расмий жарыялануучу булактарга тизмени жарыялоону камсыз кылат жана ошол эле мөөнөттө көрсөтүлгөн тизмени Борбордук шайлоо комиссиясына жиберет. Талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө чечим саясий партиянын съездинде жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

3. Пропорционалдык тутум боюнча шайлоо боюнча саясий партия 54 талапкерден ашпаган санда талапкерлердин тизмесин саясий партиядан көрсөтөт.

Талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия төмөнкү өкүлчүлүктү эске алууга милдеттүү:

- бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпоосун, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектешүү айырмасы үч позициядан ашпоосун;

- 35 жаштан ашпаган талапкерлердин 15 пайыздан кем болбоосун, мында алардын ичинен кеминде 3 талапкер алгачкы 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек;

- ар кандай этносторго таандык талапкерлердин 15 пайыздан кем болбоосун, мында алардын ичинен кеминде 3 талапкер алгачкы 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек;

- кеминде 2 талапкердин - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардан болуусун, мында булардын бири биринчи 25 талапкердин тизмесине киргизилиши керек.

4. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо дайындалгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоого катышууну каалаган саясий партиялар, ушул конституциялык Мыйзамга ылайык саясий партиядан талап кылынуучу шайлоо документтерине кол коюу укугуна ээ саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аты-жөнүн жана маалыматтарын көрсөтүү менен, Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоого катышары тууралуу жазуу жүзүндө билдирме жиберүүлөрү керек. Жазуу жүзүндөгү билдирме саясий партиянын уставынын нотариалдык ырасталган көчүрмөсү тиркелүү менен, саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен ырасталуусу тийиш.

Эгерде анын уставында камтылган аталышынын жана энбелгисинин кыскача сыпаттамасы саясий партиянын шайлоо документтеринде пайдаланылуучу кыскача аталышынан жана энбелгисинен айырмаланган учурда, аларды Борбордук шайлоо комиссиясы менен макулдашат. Саясий партиянын аталышы жана энбелгиси Борбордук шайлоо комиссиясына көрсөтүлгөндөн кийин, шайлоо жүрүмү аяктаганга чейин аларды өзгөртүүгө жол берилбейт.

Борбордук шайлоо комиссиясы саясий партияга ушул билдирмени алганы жөнүндө токтоосуз жазуу жүзүндө ырастама жана саясий партиянын шайлоо фондун түзүү максатында атайын шайлоо эсебин ачуу үчүн маалымдама берүүгө милдеттүү.

5. Кол тамга жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

Талапкерлердин тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясына берилгенден кийин, анда талапкерлердин курамы жана аларды жайгаштыруунун тартиби өзгөртүлүшү мүмкүн эмес. Талапкерлердин тизмесиндеги талапкер чыгып кеткен учурда, чыгып кеткен талапкердин катар номуру тизмедеги башка талапкерлердин ордун толтурууга берилбейт.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги №88, 2017-жылдын 5-июнундагы №96, 2019-жылдын 8-августундагы №116, 2021-жылдын 26-августундагы №103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**60-1-берене. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү тартиби**

1. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда аяктайт.

2. Саясий партиялардан бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү ар бир талапкер талапкерлиги добушка коюлган шайлоо округун көрсөтүү менен съезддерде жүзөгө ашырылат. Депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү боюнча саясий партиянын съездине Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү катышууга укуктуу. Саясий партиялар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бирден ашык эмес талапкерди көрсөтүүгө укуктуу. Талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечим жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

3. Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди депутаттыкка көрсөтүү талапкердин өзүнүн

ушул шайлоо округу боюнча талапкерлигин добушка коюу ниети жөнүндө арызын Борбордук шайлоо комиссиясына берүү жолу менен жүргүзүлөт. Мында талапкер жеке каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине мыйзамдарда көрсөтүлгөн эсептик көрсөткүчтүн миң эселен-ген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт.

4. Талапкер бир шайлоо округунда гана көрсөтүлүшү мүмкүн.

*(КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**61-берене. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо**

1. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди берет:

1) саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин;

2) талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир талапкер тарабынан толтурулган, өмүр баянын жана башка маалыматтарды көрсөтүү менен талапкер жөнүндө маалыматтардын атайын формаларын, паспортунун көчүрмөсүн, жогорку кесиптик билим жөнүндө документтин нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн, иштеген же окуган жеринен маалымдаманы, башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө, соттолгондук жөнүндө маалыматтарды, чет мамлекеттин жарандыгы (ошондой эле мурдагы жарандыктары, башка жарандыктары) бар же жок экендиги жагынан жекече маалыматтарын иштетүүгө жазуу жүзүндө макулдугун;

3) шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документти.

Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүчү документтер саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү талапкер көрсөтүлгөн учурда жана буга байланыштуу ушул конституциялык Мыйзамда каралган өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызды өз алдынча жазууга, башка документтерди толтурууга мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда, бул адам башка адамдын жардамынан пайдаланууга укуктуу. Мында каттоо документтерин толтурууга жардам берип жаткан адамдын ыйгарым

укуктары нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Борбордук шайлоо комиссиясы көрсөтүлгөн документтерди берген адамга аларды алгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө ырастама (маалымдама) берүүгө милдеттүү. Ырастама (маалымдама) документтер берилгенден кийин токтоосуз берилет.

1-1. Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин Борбордук шайлоо комиссиясына саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде талапкерди көрсөтүү жөнүндө арызды жана ушул берененин 1-бөлүгүнүн 2 жана 3-пункттарында каралган документтерди берет.

2. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен, Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эселенген өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн төгөт.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн төгөт.

*(Абзац КР 2019-жылдын 8-августундагы № 116 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3. Борбордук шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде талапкерди, талапкерлердин тизмесин көрсөтүү тартибинин ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугун текшерет жана талапкерлердин тизмесин каттоону жүзөгө ашырат же каттоодон баш тартуу тууралуу жүйөлүү чечим чыгарат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзам менен бекитилген электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасын колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылат. Мында эгерде шайлоо комиссиясы талапкердин документтеринен же талапкерлердин тизмесинен ушул талапкерди же талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган ылайыксыздыктарды тапса, шайлоо комиссиясы документтерди алгандан кийин 48 сааттын ичинде саясий партияга ушул ылайыксыздыктар жөнүндө билдирүүгө милдеттүү. Талапкер, саясий партия билдирме алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерди тиешелүү шайлоо комиссиясына берүүгө укуктуу.

4. Бир эле адамды бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесинде, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча же болбосо бир эле убакта талапкерлердин тизмеси жана бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бирден ашык каттоого жол берилбейт.

4-1. Ушул конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүндө каралган факты бар болгондо талапкерди, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоого жол берилбейт.

5. Депутаттыкка талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо шайлоо күнүнө 30 календардык күн калганда аяктайт.

6. Эгерде ушул беренеде белгиленген мөөнөттөрдө шайлоо округу боюнча бир да талапкерлер, талапкерлердин тизмеси катталбаган же талапкерлердин бир гана тизмеси Катталган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча шайлоо талапкерлер, талапкерлердин тизмесин кошумча көрсөтүү жана андан кийинки шайлоо аракеттерин жүзөгө ашыруу үчүн 25 календардык күнгө кийинкиге жылдырылат.

7. Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы ал кабыл алынган учурдан тартып бир сутканын ичинде саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнө, талапкерге баш тартуунун негиздерин баяндоо менен, шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

Баш тартуунун негиздери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

1) талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн ушул конституциялык Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтерди бербөө;

2) көрсөтүүнүн ушул конституциялык Мыйзамда каралган тартибин сактабоо;

3) талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

4) талапкердин башка саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде катталуу фактысынын болушу, талапкердин бирден ашык шайлоо округунда катталган фактысынын болушу;

5) саясий партиянын, талапкердин өз шайлоо фондун түзбөгөнү;

6) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына тиешелүүлүгү;

*7) (КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(Абзац КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

8. Талапкерлердин тизмесине киргизилген айрым талапкерлерге карата ушул беренеде каралган каттоодон баш тартуу үчүн негиздердин болгону, талапкерлердин тизмесинен аларды гана чыгарып салуу үчүн негиз катары кызмат кылат.

9. Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин, талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу чечим сотко чечим алынган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде даттанылышы мүмкүн.

10. Талапкерлердин тизмесинде турган талапкер, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер каалаган убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен, Борбордук шайлоо комиссиясына жеке өзү жазуу жүзүндө арыз берүү же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызды ыйгарым укуктуу адам аркылуу берүү менен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу. Көрсөтүлгөн арыздын негизинде талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттаган Борбордук шайлоо комиссиясы бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди каттоону жокко чыгаруу жөнүндө же тиешелүү талапкерлердин тизмесинен талапкерди чыгаруу тууралуу чечим кабыл алууга милдеттүү.

*(Абзац КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Саясий партия кандай болбосун убакта, бирок добуш берүү күнүнө 10 календардык күн калгандан кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө тиешелүү арыз берүү менен, талапкерлердин тизмесин чакыртып алууга жана шайлоого катышуудан баш тартууга укуктуу. Көрсөтүлгөн арыздын негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы тиешелүү талапкерлердин тизмесин каттоо тууралуу чечимди жокко чыгарууга милдеттүү.

11. Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттагандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен саясий партиялардын аталыштарын, ошондой эле талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, ээле-ген кызмат ордун (ишинин түрүн) көрсөтүү менен бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлердин тизмесин, талапкерлерди каттоо жөнүндө билдирүүнү басма сөздө жарыялайт.

12. Борбордук шайлоо комиссиясы каттоодон кийин 2 календардык күндүн ичинде талапкерлерге катталган күнүн көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү ырастамасын берет.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2020-жылдын 11-ноябрындагы № 2, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**62-берене. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонду**

1. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн, ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт.

2. Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынуучу үгүттүк-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) эсептик көрсөткүчтөн 15000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, талапкерлердин тизмесине киргизилген, талапкердин өз каражаттарынан;

2) эсептик көрсөткүчтөн 1000000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, саясий партиянын өз каражаттарынан;

3) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн;

4) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 30000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн.

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондунун келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 3000000 эседен ашуусу мүмкүн эмес.

Шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасынан ашырып жиберүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 88, 2019-жылдын 8-августундагы № 116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**62-1-берене. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердин шайлоо фонду**

1. Депутаттыкка талапкер шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өздүк шайлоо фондун түзөт.

2. Шайлоо фонду Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эсепке алынуучу төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкердин эсептик көрсөткүчтөн 1500 эседен ашпаган өздүк каражаттарынан;

2) аны көрсөткөн саясий партия тарабынан талапкерге бөлүнгөн эсептик көрсөткүчтөн 10000 эседен ашпаган каражаттарынан;

3) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен ашпаган жеке адамдардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн;

4) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашпаган юридикалык жактардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн.

Талапкердин шайлоо фондунан келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 100000 эседен ашпашы керек.

Шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасынан ашуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

*(КР 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**63-берене. Кайра шайлоо**

1. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы бирдиктүү шайлоо округу боюнча бардык депутаттык мандаттар бөлүштүрүлбөй калганын тааныган учурда, эгерде бардык саясий партиялар ушул конституциялык Мыйзамдын 64-беренесинин 2 жана 6-бөлүктөрүнө ылайык депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүдөн чыгарылып салынса, анда Борбордук шайлоо комиссиясы Жогорку Кеңештин депутаттарын кайра шайлоону дайындайт.

2. Кайра шайлоо ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт. Мында шайлоо аракеттеринин мөөнөтү үчтөн бирге кыскарат. Кайра шайлоо өткөрүү жөнүндө билдирүү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан тиешелүү чечим кабыл алгандан кийин 2 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

**64-берене. Шайлоонун натыйжаларын аныктоо жана расмий жарыялоо**

1. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен, шайлоо округу боюнча ар бир талапкер, ар бир саясий партия жана талапкерлердин тизмесиндеги ар бир талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын саноону жүргүзөт.

2. Шайлоо округу боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүдөн төмөнкү саясий партиялар, талапкерлердин тизмеси чыгарып салынат:

1) жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 пайыздан азын алган;

2) ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 0,5 пайыздан азын алган.

Талапкерлеринин тизмеси үчүн жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 жана андан көп пайызы; ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 0,5 жана андан көп пайызы добуш берген саясий партиялар, саны ушул берененин 3-бөлүгүндө каралган усул боюнча аныкталуучу депутаттык мандаттарды алышат.

2-1. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары ушул конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүндө каралган тартипте жараксыз деп таанылган учурда, шайлоолордун натыйжаларын аныктоо ал боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылган талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын эсепке алуусуз жүзөгө ашырылат.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын; ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 0,5 жана андан көп пайызын алган саясий партиялардын талапкерлеринин тизмеси үчүн бирдиктүү шайлоо округу боюнча берилген шайлоочулардын добуштарынын суммасын санайт. Шайлоочулардын добуштарынын бул суммасы 54 - бирдиктүү шайлоо округу боюнча бөлүштүрүлүүчү депутаттык мандаттардын санына бөлүнөт. Алынган натыйжа биринчи шайлоо натыйжасы (бир мандатты алуу үчүн квота) болуп саналат.

Андан кийин депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө катышкан талапкерлердин ар бир тизмеси алган добуштардын саны биринчи шайлоо натыйжасына бөлүнөт. Санды бөлүштүрүүнүн натыйжасында алынган бүтүн бөлүк талапкерлердин тиешелүү тизмеси алуучу депутаттык мандаттардын саны болот.

Эгерде ушул бөлүктүн экинчи абзацына ылайык жүргүзүлгөн аракеттерден кийин бөлүштүрүлбөгөн мандаттар калса, аларды экинчи бөлүштүрүү жүргүзүлөт. Бөлүштүрүлбөгөн мандаттар ушул пункттун экинчи абзацына ылайык бөлүштүрүүнүн натыйжасында алынган сандын алда канча көп бөлчөктүк бөлүгү (калдыгы) бар талапкерлердин тизмелерине бирден берилет. Бөлчөктүк бөлүктөр тең болгондо артыкчылык шайлоочулардын көп добушу берилген талапкерлердин тизмесине берилет. Шайлоочулардын добуштарынын саны тең болгондо артыкчылык

каттоого мурдараак берилген талапкерлердин тизмесине берилет.

4. Саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач, саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30 пайыздан кем эмеси шайлоочулардын кыйла көп добушун алган аял талапкерлердин арасында бөлүштүрүлүүгө тийиш. Эгерде саясий партиянын тизмесиндеги аял талапкерлер шайлоочулардын добуштарын албаса аялдардын квотасы боюнча калган мандаттар Борбордук шайлоо комиссиясында тизмени каттоодо белгиленген саясий партиянын тизмесиндеги аял талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык кезекте бөлүштүрүлөт.

Андан кийин мандаттардын жалпы санынын 70 пайызы башка талапкерлерге карата шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген катар номерлери үчүн талапкерлердин арасында бөлүштүрүлөт. Мында саясий партиянын талапкерлеринин тизмелериндеги талапкерлердин позициялары ар бир талапкердин шайлоочулардан алган добуштарынын санына жараша төмөндөөчү ырааттуулукта жылдырылат.

Саясий партиялардын биринин талапкерлеринин тизмесиндеги талапкерлердин ортосунда шайлоочулардан алган добуштары тең чыккан учурда, талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлердин позицияларынын ырааттуулугу Борбордук шайлоо комиссиясында тизмени каттоодо белгиленген бул тизмедеги талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык аныкталат.

Эгерде шайлоочулардын алган добуштарынын саны боюнча талапкерлердин ортосунда мандаттар бөлүштүрүлгөндөн кийин бош мандаттар калса, аларды бөлүштүрүү, Борбордук шайлоо комиссиясында тизмени каттоодо белгиленген бул тизмедеги талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык, саясий партиялардын талапкерлеринин тизмесиндеги талапкерлердин арасында жүргүзүлөт. Мында саясий партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги талапкерлердин кезеги талапкерлердин шайлоочулардан алган добуштарынын санына жараша аныкталат, ал эми калган талапкерлердин мындан аркы кезеги Борбордук шайлоо комиссиясында тизмени каттоодо белгиленген тизмедеги талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык аныкталат.

5. Шайлоолордун натыйжалары боюнча саясий партияга Жогорку Кеңештеги депутаттык мандаттардын жалпы санынын 50 пайыздан көп эмеси пропорционалдык система боюнча берилиши мүмкүн.

5-1. Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин шайланган депутаты деп ушул бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын кыйла көп добушун алган талапкер таанылат.

Талапкерлердин алган добуштары тең чыккан учурда, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган талапкер болуп каттоо үчүн документтердин топтомун датасы жана убактысы боюнча мурдараак берген талапкер эсептелет.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы ушул беренеде белгиленген шарттарга ылайык шайлоо округу боюнча депутаттык мандаттарды саясий партиялардын ортосунда бөлүштүрүү жөнүндө протокол түзөт. Протоколго кошумча төмөнкүлөр киргизилет:

1) депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө кое берилген саясий партиялардын аталыштары;

2) талапкерлердин ар бир тизмесиндеги шайланган депутаттардын фамилиясы, аты, атасынын аты.

7. Эгерде бардык саясий партиялар ушул berененин 2-бөлүгүнө ылайык депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүдөн чыгарып салынса, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо округу боюнча бардык депутаттык мандаттар бөлүштүрүлбөй калганын тааныйт. Мындай учурда Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо округу боюнча кайра шайлоо дайындайт.

8. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96, 2020-жылдын 30-июнундагы № 68, 2020-жылдын 11-ноябрындагы № 2, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**65-берене. Жогорку Кеңештин депутаттарын каттоо, депутаттын бош мандатын ээлөө**

1. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин бул тууралуу депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө кое берилген саясий партияларды, жана депутат болуп шайланган талапкерди кабарландырат. Депутат болуп шайланган талапкер 3 күндүк мөөнөттө өзүнөн Жогорку Кеңештин депутатынын статусуна ылайык келбеген ыйгарым укуктарды алып салганы жөнүндө билдирүүнүн көчүрмөсүн Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө милдеттүү.

Эгерде депутат болуп шайланган талапкер 3 күндүк мөөнөттө өзүнөн Жогорку Кеңештин депутатынын статусуна ылайык келбеген ыйгарым укуктарды алып салуу жөнүндө талапты аткарбаган учурда, анын депутаттык мандаты кезек боюнча, ушул конституциялык

Мыйзамдын 64-беренесинин 4-бөлүгүндө аныкталган тартипте кийинки талапкерге берилет.

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталган саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде турган талапкер добуш бергүдөн кийин депутаттык мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга укуктуу. Талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз талапкер тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен форма боюнча толтурулууга, нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө жана талапкердин жеке өзү тарабынан берилүүгө тийиш. Борбордук шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу тууралуу чечим кабыл алат. Талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө арыз Борбордук шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу тууралуу чечимди кабыл алганга чейин чакыртып алынышы мүмкүн.

Мындай учурда чыгып калган талапкердин ордун ушул конституциялык Мыйзамдын 60-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен тизме боюнча талапкер ээлейт.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары аныкталган жана депутат болуп шайланган талапкерлерден Жогорку Кеңештин депутатынын статусуна ылайык келбеген ыйгарым укуктарды алып салганы жөнүндө билдирүүлөр алынгандан кийин, 3 күндүк мөөнөттө шайланган депутаттарды каттайт жана аларга белгиленген үлгүдөгү ырастамаларды жана төш белгилерди тапшырат.

3. Эгерде саясий партиялардын ортосунда депутаттык мандаттарды талапкерлердин тизмелери боюнча бөлүштүрүүнүн натыйжасында шайланган депутат мөөнөтүнөн мурда кеткен учурда, анын мандаты ушул конституциялык Мыйзамдын 64-беренесинин 4-бөлүгүндө аныкталган, ушул берененин 4-1-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча кезек боюнча кийинки талапкерге берилет.

4. Ушул берененин маңызында депутаттын мөөнөтүнөн мурда ыйгарым укуктарын токтотушу дегенде төмөнкүлөр түшүнүлөт:

1) анын ыйгарым укуктарын алып салуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бериши же фракциядан чыгышы;

2) аны соттун аракетке жөндөмсүз деп табышы;

3) депутаттын каза болушу;

4) аны дайынсыз жок болду же өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун чечиминин мыйзамдуу күчүнө кириши;

5) ага карата соттун айыптоо өкүмүнүн күчүнө кириши;

6) депутаттык ыйгарым укуктарды аткаруу менен коошпогон ишке өтүүсү же андай ишти таштабоосу;

7) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоого чыгып кетиши;

8) жарандыктан чыгуу, башка жарандыгы бар экендиги тууралуу фактынын аныкталышы же башка жарандыкты алышы;

9) бир сессиянын ичинде Жогорку Кеңештин жыйналыштарында жүйөлүү себептерсиз 10 жана андан ашык жумушчу күнү болбошу;

10) шайлоонун жараксыз деп таанылышы;

11) депутаттык мандатты чакыртып алуу.

4-1. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайланган депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты кезек боюнча кийинки талапкерге берилет:

1) аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, аял жынысындагы талапкерлердин ичинен;

2) эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, эркек жынысындагы талапкерлердин ичинен.

Талапкерлердин тизмесинде тиешелүү жыныстагы көрсөтүлгөн адамдар болбогон учурда, депутаттын мандаты кезек боюнча ошол эле тизмедеги кийинки талапкерге берилет.

5. Эгерде саясий партиянын тизмесинде талапкерлер калбаган учурда, мандат Жогорку Кеңешке кийинки шайлоого чейин бош бойдон калат.

6. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча тийиштүү шайлоо округдарына кеткендердин ордуна Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө өткөрүлөт. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешке шайланган мөөнөтү аяктаганга чейин бир жыл же болбосо бир жылдан аз калганда чыгып кеткен учурда, чыгып кеткендердин ордуна депутаттарды шайлоо өткөрүлбөйт.

*(КР 2015-жылдын 23-апрелиндеги №88, 2017-жылдын 5-июнундагы №96, 2019-жылдын 8-августундагы №116, 2021-жылдын 26-августундагы № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 12-глава
## Корутунду жоболор

### 66-берене. Өткөөл жоболор

*(КР 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

### 67-берене. Ушул конституциялык Мыйзамдын күчүнө кириши

1. Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Ушул конституциялык Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө кодекси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 9, 436-ст.);

«Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекске өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., № 10, 775-ст.);

«Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин жаңы редакциясы тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., № 10, 777-ст.);

«Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 1, 3-ст.);

«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» (Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодекси, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекси) Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 1, 20-ст.);

«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 735-ст.);

«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 9, 871-ст.).

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын<br>Президенти | Р.Отунбаева |
| 2011-жылдын 30-июнунда | Кыргыз Республикасынын<br>Жогорку Кеңеши тарабынан<br>кабыл алынган |

# КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики

Бишкек – 2021

## ОГЛАВЛЕНИЕ

Глава 1. Общие положения. Избирательные права граждан..................3
Глава 2. Избирательные комиссии и избирательный округ.....................20
Глава 3. Списки избирателей.....................................................................24
Глава 4. Представители кандидата, политической партии.
Статус кандидатов .....................................................................................30
Глава 5. Информационное обеспечение выборов..................................40
Глава 6. Организация и порядок голосования.........................................56
Глава 7. Установление итогов голосования и определение результатов
выборов .......................................................................................................70
Глава 8. Финансирование выборов .........................................................87
Глава 9. Гарантии свободы выборов........................................................95
Глава 10. Выборы Президента ................................................................105
Глава 11. Выборы депутатов Жогорку Кенеша.......................................116
Глава 12. Заключительные положения ...................................................131

# КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*г.Бишкек, от 2 июля 2011 года № 68*

## О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики

*(В редакции конституционных Законов КР от 25 ноября 2011 года № 221, 23 апреля 2015 года № 88, 5 июня 2017 года № 96, 8 августа 2019 года № 116, 30 июня 2020 года № 68, 11 ноября 2020 года № 2, 15 июля 2021 года № 84, 26 августа 2021 года № 103)*

*(Преамбула исключена в соответствии с конституционным Законом КР от 26 августа 2021 года № 103)*

## Глава 1
## Общие положения. Избирательные права граждан

### Статья 1. Основные термины, используемые в настоящем конституционном Законе

В настоящем конституционном Законе используются следующие термины:

**агитационные материалы** - печатные, аудиовизуальные и иные материалы, содержащие признаки предвыборной агитации и предназначенные для массового распространения, обнародования в ходе избирательной кампании;

**активное избирательное право граждан** - право граждан Кыргызской Республики избирать в органы государственной власти и органы местного самоуправления;

**близкие родственники** - супруг(а), родители, дети, усыновители, усыновленные, полнородные и неполнородные братья и сестры, дедушка, бабушка, внуки;

**гарантии избирательных прав граждан** - организационные, правовые, информационные и иные средства обеспечения избирательных прав граждан Кыргызской Республики;

**государственный портал** - интернет-сайт государственного органа, содержащий информацию о списках избирателей в электронном формате в разрезе избирательных участков, районов, городов и республики в целом, формируемый и актуализированный в

порядке, установленном законодательством, включающий сведения об изменениях избирательного адреса (номера избирательного участка), об участии граждан в выборах и референдумах, а также предоставляющий избирателям возможность для уточнения и изменения своих данных при соблюдении требований по идентификации и аутентификации, установленных законодательством;

**документ, удостоверяющий личность избирателя** - все типы национальных паспортов гражданина Кыргызской Республики, установленные законодательством;

**должностное лицо органов государственной власти или местного самоуправления** - лицо, постоянно, временно или по специальному полномочию осуществляющее функции представителя власти либо выполняющее организационно-распорядительные, административно-хозяйственные, контрольно-надзорные функции в государственных органах и органах местного самоуправления;

**зарегистрированный кандидат** - лицо, соответствующее требованиям, установленным Конституцией Кыргызской Республики (далее - Конституция), настоящим конституционным Законом и зарегистрированное Центральной избирательной комиссией по выборам и проведению референдумов (далее - Центральная избирательная комиссия) в качестве кандидата на замещаемую посредством выборов должность Президента, депутата Жогорку Кенеша;

**избиратели** - граждане Кыргызской Республики, обладающие активным избирательным правом;

**избиратели с ограниченными возможностями здоровья** - граждане Кыргызской Республики, обладающие активным избирательным правом, имеющие нарушение здоровья со стойким расстройством функций организма, обусловленное заболеваниями, последствиями травм или дефектами, выраженными в нарушении слуха, зрения, функций опорно-двигательного аппарата, приводящими к ограничению полноценного осуществления избирательных прав на общих условиях;

**избирательные документы** - списки избирателей, бюллетени действительные, недействительные, неиспользованные (погашенные), испорченные (заполненные с ошибками), а также чеки о прохождении идентификации, первичные и итоговые отчеты по идентификации, нулевые и итоговые отчеты автоматически считывающей урны, протоколы избирательных комиссий, их решения по вопросам выборов, регистрационные документы кандидатов, политических партий, сводные таблицы о результатах голосования;

**избирательные комиссии** - коллегиальные органы, организующие подготовку и проведение выборов в Кыргызской Республике, обеспечивающие реализацию и защиту избирательных прав граждан Кыргызской Республики;

**избирательное законодательство** - совокупность нормативных правовых актов, регулирующих порядок проведения выборов в Кыргызской Республике;

**избирательные права граждан** - право граждан Кыргызской Республики избирать и быть избранными в органы государственной власти и органы местного самоуправления, в том числе участвовать в выдвижении кандидатов, предвыборной агитации, наблюдении за проведением выборов, работой избирательных комиссий, включая установление итогов голосования и определение результатов выборов, а также в других избирательных действиях;

**информационное обеспечение выборов** - информирование избирателей и предвыборная агитация, способствующие осознанному волеизъявлению граждан, гласности выборов;

**информирование избирателей** - деятельность по подготовке и распространению информации в период избирательной кампании о ходе избирательной кампании и деятельности избирательных комиссий, избирательных участках, порядке формирования и изменения списка избирателей, порядке участия в голосовании, порядке голосования, порядке установления итогов голосования и определения результатов выборов; деятельность избирательных комиссий и средств массовой информации по подготовке и распространению официальной информации о кандидате (кандидатах) и политической партии (политических партиях) и их программах, не создающей предпочтений к какому-либо кандидату (кандидатам), политической партии (политическим партиям) и не содержащей признаков предвыборной агитации за того или иного кандидата, политическую партию либо против них;

